С. К. Рысбаев

1

Алиппе

Кыргыз Республикасынын Герби

Кыргыз Республикасынын Желеги

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимни

Сөзц: Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики
Муз.: Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар

Кайырма: Алгалай бер кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

Кайырма:

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

Кайырма:

С. К. Рысбаев

Алиппе

Орто мектептердин 1-классы үчүн окуу китеби

Кыргыз Республикасынын Билим
берүү жана илим
министрлиги бекиткен

Ондолуп, толукталып 6-басылышы

Бишкек
2008

УДК 373.167.1
ББК 74.261.4
Р 95

Рецензиялагандар:
Педагогика илимдеринин доктору, профессор
Б. Ө. Өмүралиев
№ 5 Улуттук компьютердик гимназиянын мугалими
Р.Жаанбаева

Төртүнчү басылышы 2003-жылы чыккан.

Рысбаев С. К.
Р 95 Алиппе: Орто мектептердин 1-кл. үчүн окуу китеби. — 5-бас., толук. — Б.: "Шам", 2006. — 160 б., ил.

ISBN 9967-10-201-2

Шарттуу белгилер:

- ● үндүү тыбыштар
- ● үнсүз тыбыштар
- оозеки аткарылуучу тапшырмалар
- текст менен иштөө
- жазуу үчүн тапшырмалар
- ? көңүл коюп, жооп берилүүчү тапшырмалар
- сүйлөмдүн модели

Р $\frac{4306020200}{М\ 455(11)-2006}$

УДК 373.167.1
ББК 74.261.4

© Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги
© Рысбаев С. К.
© "Технология", 2001
© Кыргызполиграфкомбинаттын "Шам" басмасы, 2003
© "Шам" басмасы, 2006
© Рысбаев С., ЖЧК "Полиграфбум ресурсы", 2008

ISBN 9967-10-201-2

www.bizdin.kg

1-бөлүк

Алиппе — сенин китебиң, кичинекей дос!

www.bizdin.kg

Биринчи коңгуроо

1-
сентябрь

Мектеп — мээримдүү эне.

Менин биринчи мугалимим

Мугалим — экинчи ата-энем.

www.bizdin.kg

Алтын апам

Эне тилим — эне сүтүм.

www.bizdin.kg

Атам экөөбүз

Атанын сөзү – акылдын көзү.

www.bizdin.kg

Эжем менен бирге

Эжени көрүп, синди өсөт.

www.bizdin.kg

Байкемден үйрөнөм

Аганы көрүп, ини өсөт.

www.bizdin.kg

Чоң атам — акылман

Чоң аталар — турмуштун мектеби.

www.bizdin.kg



Эненин кызматы — эмгектин кымбаты.

www.bizdin.kg

Тарбия башаты — үйдө.

Көрөбүз,
угабыз,
сүйлөшөбүз.

окуйбуз,
жазабыз.

www.bizdin.kg

Аа

Аа

а...а...а...а...

а



Тт

Тт

А-та

а

т

www.bizdin.kg

Ат

А-та, ат!

ат
а-та
та

А-та, ат-та!

От



От.
А-та, от.
А-та, ат.



От-то!

от
о-то
от-то

www.bizdin.kg

Пп

Пп

а о	
	т п

А-па, топ

А-па, топ. А-па, тап!..

ан	по	тап	а-па
па	оп	топ	оп-па

А-та, ат-та!

ат
ат-та
тап
тап-та
тат
тат-па
а-тат
ат-тап

Тап-та

www.bizdin.kg

Нн

Нн

а	
о	
	т
	п
н	

Ана, нан

на
но
нан
он
тан
тон
а-на

А-та, тон.

А-та, ат-тан.

Уу

Уу

То-ту

а	
о	
у	
	т
н	

нан



ун

топу

ун	ну	тун	то-пу
ут	ту	тут	То-ту

www.bizdin.kg

та
то
ту
ун
ут
от

у — н
у — т

То-ту, ут!

о-н
т
у-н

То-ту ут-ту!

т-а
у — т
н-у

То-ту, ТУ!
То-ту, у-нут-па

Бо-то

а о у	
б	т п
н	

ба
бо
бу

бат
бот
бут

ба-та
бо-то
бу-та

На-бат

ба-нан

На-бат, ба-нан.

www.bizdin.kg

ба
бо
бу

а
б — о
у

а
б — т
у

а
б — та
у

Ба-та

Бо-то

На-бат, бо-то.

На-бат, бу-та ат.
Бат ат!

Бу-та

— Ал-ло, У-лан!
Бул — А-пал.

ал	тал	та-ла
ол	тол	то-ло
ул	бул	бу-ла

Бул — нан.
Бул — тон.
Ал — ба-нан.
Ал — топ.

А-пал, бал.

а
о — л
у

бул — нан
бул — тон
бул — топ

ал — ат
ал — от
ал — бут

www.bizdin.kg





У-лан, нан ал.

Л-о-л-а **т-о-л-о** **б-о-л**
б-а-л-а **т-а-л-а** **б-а-л**

ал
ол
ул

У-лан, бул — бал-та.
Бал-та ал, У-лан.

бал
бол
тал
тол

Бо-лот, бул — ба-нан.
Ба-нан ал, Бо-лот.

то-ло
та-ла

Ак кал-пак
Бул — ак кал-пак.
Ал — Ку-бат-ка.





Бул — кат.

Ку-бан, кат ал.



www.bizdin.kg

Ак у-лак

— Ку-бат, ак у-лак ка-на?
— Ак у-лак а-на, У-лан.

ка	**ку**	**ок**
ко	**ак**	**ук**

Топ

— Ку-бан, топ ка-на?
— Ку-бан, топ-ту тап. Топ-ту кат-па.

Бул

к — **а**, **о**, **у**

а, **о**, **у** — **к**

а — **к** — **у**
о

А-ла-Too

Бул — too. Ал — А-ла-Too.

а о у	оо
б	т п кы
н л	

У-лан, бул — коон. Коон ал, У-лан.

Ку-бан, бул — боо. Боо ал, Ку-бан.

т, **б**, **н** — **оо**

к — оо — н
т — оо — к

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg

а о у э(е) и	оо
б	т п кы
н л й	

Бий

— А-ли-на, бий би-ле-би?
—Оо-ба, А-ли-на бий-лей а-лат.
— А-ли-на, бий-ле.

ий
ил
ит

ий	**не**
ай	**на**
ой	**но**

а
о — **й**
у

— А-бай, ка-на ай?
— Ай too-до.

бул	**ай**	**бул**	**кой**
(ал)	**уй**	**(ал)**	**тий**

ой-но
ий-не
ай-на

ой
ай
ий

ой-ло
ай-ла
ий-ле

А-тай, топ-ту ал. Топ -ой-но.

А-бай, а-бай-ла!

Ак кал-пак.

Ти-на	**бий-ле**	**А-бай**	**ой-но**
Ба-ти-на	**бий-ле-бе**	**А-тай**	**ой-но-бо**

www.bizdin.kg

а о у э(е) и	оо
б	т п кы ки
н л й	

Ки-теп

— Бул «А-лип-пе» ки-те-би-би?
— Оо-ба, ал — «А-лип-пе» ки-те-би.
— А-тай-бек, ки-теп-ти ал. О-ку.

э — к — и

к — е — и

Бе-кен, бул —
ки-йик.
Ки-йик-ти ат-па!

эк	**э-ки**
ик	**э-ти**
кел	**бек**
кет	**кек**

Ти-лек, кал-пак кий.

	бу-лак	**э-ки**	
а	**кол**	**э-лик**	**э**
о	**та-ка**	**би-йик**	**е**
у	**кал-пак**	**бе-лек**	**и**

www.bizdin.kg



www.bizdin.kg

— Са-бат, сен нан кес. Э-ли-на, ай нан ал. Ай нан тат-туу. Ка-нат, сен са-бак-тан кал-ба. Бат бас. А-бай-лап, бай-кап бас. Ой-но-бо.
— Оо-ба, а-па.

ас	**ос**	**эс**	**ус**
кес	**тес**	**тос**	**бас**

А-сыл, ток-то-бо!
Ас-кат-тан кал-ба!

А-сыл
А-сан — **ток-то-бо**
Ку-бан

Со-нун
Э-ли-на — **нан ал**
А-сел

Ү-кү

Түн. Бул — ү-кү.
Ү-кү — бу-так-та.
— «Уу... уу... уу... уу...»
— Се-йил, бул — ү-кү-нүн ү-нү.

а о у э(е) и ү	оо уу
б	т п кы ки с
н л й	

ү — **й п с н**

үй — уй	**түй — туй**
үн — ун	**кү-күк**
күй — куй	**ү-пүп**

Түн-түн

Сүт

— А-па, бул сүт-пү?
— Оо-ба, Сү-йүн, бул — сүт.

www.bizdin.kg

а о у э(е) и ү	оо уу
д б	т п кы ки с
н л й	

Дан

Дуу-лат дан үй-дү. Дан топ-тол-ду. Дан бол-со, нан да бо-лот. Буу-дай тоо-до то-ло.

да	**суу-да**	**дан**
де	**тоо-до**	**дон**
до	**сен-де**	**ден**

суу-дан
тоо-дон
сен-ден

д — **а**, **о**, **е**

Ай

— Дил-де, ай. Ай тол-ду.
— Ай топ-той бол-ду.

үй
ү-кү
ү-пүп
ү-лүл
күн
түн
түн-дүк

Үлүл

— Дил-де, ток-то, үлүл!
—Ү-лүл?
— Оо-ба, ү-лүл. Дил-де, тий-бе. У-бал бо-лот.

Ак куу

Бул — ак-куу. Ак куу —суу-да. Суу ту-нук.

уй — уй-ду
үй — үй-дү
ай — ай-да
той — той-до
суу — суу-да

тоо — тоо-до
эл —эл-де
тал — тал-да

А-сан-да
Э-сен-де
Дил-де-де
Су-бан-да

www.bizdin.kg

а о у э(е) и ү ы	оо уу
д б	т п кы ки с
н л й р	

Рыспай

Балдар театрда болду. Театрда Рыспай ырдады. Ырыс, Эркин, Сыртпай ыр укту. Рыспайды эл билет. Рыспай - элдик талант. Анын таланты улуу.

ар	**ыр**	**ара**	**ырда**
ор	**эр**	**оро**	**үрдү**
ур	**үр**	**ары**	**турду**

Ырыс сатып алды.

Ырыстын белине туура келди.

а, **о**, **у**, **ы** — **р**

ыр — **ды**, **да**, **ба**

ы / **ы** — **р** — **ы** / **ы**

ар
ыр
үр
ур
эр
ир

ары
дары
кары
сары

су, **ту**, **бу**, **ку** — **р**

Дарыкана

Дайыр дарыканада.
— Динара, дары барбы?
— Ооба, Дайыр, дары бар.
— Дары алайын.
— Ооба, Дайыр, дары ал. Дарылан, ооруба.

буу, **туу** — **ра**

бу, **су**, **кы** — **роо**

Даркүл, кара. Койбос үрдү. Ал суурду тапты. Койбос суурдан коркту.

www.bizdin.kg

Т—Д

түн—дүн
түк—дүк
тил—дил
тал—дал
тат—дат
так—дак
тап—дап
тан—дан
туу—дуу
тоо—доо

Түндүк

Бул — түндүк. Түндүктү Дайыр Ырысбектен алды. Ырысбек — абдан уста. Ырысбек - ууктун да, сандыктын да устаты. Уукту, түндүктү, сандыкты тоолуктар баалайт.

Доорон, бул — бал. Ал — тоо балы. Доорон, тоо балынан тат.

Бул — дарак.
А бул — тарак.

ач
үч
эч
ич
уч
ууч
чай
чач **качан**
чеч **канча**
ырчы

а о у э(е) и ү ы	оо уу
д б	т п кы ки с
н л й р	ч

Чынара

Чынара атасына, апасына чай сунду. Атасы, апасы чай ичти. Чынара — Чолпон атанын, Сайкал апанын небереси. Ал — акылдуу, сулуу. Чолпон ата, Сайкал апа Чынарды алкады.

а
у
э — **ч**
и
ү

Бул — суусар тебетей. Ал — Чолпон атанын тебетейи.

Тебетей суусардын терисинен. Бул туурабы?

www.bizdin.kg

Бүбүсара

Бул— Бүбүсара. Ал атактуу бийчи болчу. Бүбүсара ак кууну туурап бийлечү.

ач — чач	**ай — чай**
эч — чеч	**үй — Чүй**

үч — ак чүч
уч — учкуч
бий — бийчи
айнек — чайнек

Чынар, чай ич. Чайнекте ысык чай бар.

Чачтарачта

Чубак, Чолпон чачтарачка келди. Чолпон — Чубактын атасы. Асыл — чач алуунун устаты. Ал Чубактын, Чолпон атанын чачын алды. Чолпон ата акчасын берип, Асылды алкады.

тал
кал — **аа**
сал

а о у э(е) и ү ы	аа оо уу
д б	т п к ы к и с
н л й р	ч

Тоо балы

Аалы тоодо турат. Анын бал аарылары бар. Бал аары бал берет. Тоонун балы ден соолукка пайдалуу. Саадат, бал ал. Аалы бал сатат. Тоо балын эл баалайт.

таар	**аары**	**араа**
каар	**баары**	**талаа**
баар	**наар**	**калаа**
саат	**таар**	**салаа**

б
с — **аа**
т
ч

Саалы, Атай токойдо. Алар отун терди. Отун токойдо арбын.

www.bizdin.kg

Саадат

— Саадат, тур. Сабактан кечикпе, — деди апасы.
— Апа, саат канча болду?
— Саат алты болду.
— Апа, - деди анда Саадат, – саатты артка бурап койчу.
Саадат туура айттыбы, балдар?

Аа < **лы**, **ры**

Саа < **т**, **дат**

т, **н**, **б**, **с** > **аа** < **н**, **р**, **р**, **т**

Бул — Асел. Аселдин апасы — саанчы. Ал он уй саайт. Саан болсо, сүт болот. Сүт болсо, айран болот.
Айран, сүт — пайдалуу.

шат	**шай**
шап	**шак**
шар	**шаш**

а о у э(е) и ү ы	аа оо уу
д б	**т п кы ки с ш**
н л й р	**ч**

Шарикан апа

Бул — Шарикан апа. Шарикан апа шырдак ойду. Аны айылдаштары баалайт. Шарикан апа — Шайлоонун, Шарапаттын устаты.

э, **и**, **а**, **о**, **ы** > **ш**

шаты **шырдак**
шайы **таштак**
шайыр **кыштак**

Шаршен шатыны койду. Шаабай чыкты. Шакта таттуу анар бар. Шаршен Шаабайды шаштырды.

www.bizdin.kg

шуру
шире
шише
киши
тиш
каш
түш
беш
кыш
кар

ш
к — а — ш
р

Шуру

Шерик шуру таап алды. Шуру Шарапаттыкы болчу. Шерик шуруну Шарапатка берди. Шарапат абдан сүйүндү. Шерик — акылдуу бала. Ал сабактан күн сайын беш алат.

Оку, тап:

Асты — таш, үстү — таш,
ортосунда — бышкан аш.

Кардай аппак,
таштай катуу.

ш
б — а — т
ш

у
о — ш — о
у

Жийде апа

Жийде апа жууркан жасады. Жийде апанын жуурканы жакшы болот. Ал жууркандын ичине жүн салат. Жийде апанын жуурканы жайлоодо жылуу.

а о у э(е) и ү ы	аа оо уу
д б	т п кы ки с ш
н л й р	ч

аа
ж — оо
уу



Жаа

Бул — жаа. Жаанын жебеси курч. Жебе алыска жетет. Ал байыркы жоокерлердин куралы болчу.

www.bizdin.kg

Ж

жал
жай
жап
жак
журкан
журнал
жоолук

Ч

чал
чай
чап
чак
чурка
чач
чычкан



Жийде апа от жакты. От күйдү.

Жанар жыландан качты.



Жыпар эжей класска кирди. Колунда журнал.

Чолпонбай атты катуу чапты.Ат катуу чуркады.

Гг (гы)

Гг

г — **а** **о** **у** **ы**

а о у э(е) и ү ы	аа оо уу
д б гы ж	т п кы ки с ш
н л й р	ч

Тоо суусу

Сагын сууга келди. Бул — тоо суусу. Тоо суусу — тунук. Ал шар агат. Сагын эки чакага суу алды. Ал апасына чай кайнатып берет. Тоо суусунун ден соолукка дарылыгы да бар.

-га:	**сууга**	**бакчага**
-го:	**тоого**	**торго**
-гу:	**тоодогу**	**тордогу**
-гы:	**шаардагы**	**чыныдагы**

www.bizdin.kg

г — а - га
г — о - го
г — у - гу
г — ы - гы

Токтогул

Бул — Токтогул Сатылган уулу. Ал улуу акын болгон. Токтогул элдин бактысын тилеп ырдаган. Балдарды акылдуу, жакшы балдардан болууга чакырган. Ал акындардын улуу устаты да эле.

чай
бал — **га**

тоо
кой — **го**

жолдо
колдо — **гу**

сууда
шаарда — **гы**

Токтогулдун наасаты

Эл тирилик кылганда,
Эсирип уктап, куру жатпа.
Иш тапшырба жалкоого,
Акыл айтпа чалпоого.

а о у э(е) и ү ы	аа оо уу ээ
д б гы ж	т п кы ки с ш
н л й р	ч

Жайлоодо

— Жээнбү, бээ саан болдубу?
— Ооба, апа, бээ саан болду.
— Жээнбек, бээлер кайда?
— Бээлер жээкте.
— Жээнбек, сен бээлерди айдап кел. Жээнбү, сен бээ саадыр.

ээ — **н**, **р**, **к**, **й**

эр — ээр
тек — тээк
чен — чээн

эн — ээн
жек — жээк
сеп — сээп



Жээнбек | Жээнбай | Жээнкул

www.bizdin.kg

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ
д б гы ж	т п кы ки с ш
н л й р	ч

Өрнөктүн жөжөлөрү

Өрнөктүн өрдөктөрү бар. Алар көп жөжө чыгарды. Өрнөк жөжөлөрүн жакшы багат. Күчүккө алдырбайт. Ага Бүкөн эжеси каралашат. Өрдөктөр да жөжөлөрүнө абдан сак.

өс	**төр**	**Бүкөн**	**көлдөй**
өт	**көл**	**өрдөк**	**көлөкө**
өн	**бөл**	**жөжө**	**көпөлөк**
өр	**көч**	**көчө**	**көпүрө**

Көпөлөк

Кон-кон, көпөлөк,
Алыс учпа көкөлөп.
Кел, ойнойлу, шашпагын,
Эл жайлоого көчөлөк.

көп
көчө
көйнөк
бөжөк
көпүрө
көлөкө
бөбөк
көлдө

Ысык-Көл

Ысык-Көл — Ала-Тоонун ажайып бир көркү. Ысык-Көлдү дүйнө эли билет.
Анын көркүн айтууга тил жетпейт. Суусу да, абасы да ден соолукка абдан дары. Көлдүн жээктеринде көп эс алуу жайлары курулган. Ага жылдын ар убагында элдер келип, дарыланса болот. Ысык-Көлдү бир эле көрүп кеткенди тилек кылгандар канча!

Тай, бөбөк

Тай, тай, тай, бөбөк,
Талпынагой, басагой.
Тай, тай, тай, бөбөк,
Таалай нурун чачагой.
Ала-Тоодой бийик бол!
Ысык-Көлдөй тунук бол!

www.bizdin.kg



Боз үй

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ
д б г ы з ж	т п к ы к и с ш
н л й р	ч

Бул — боз үй. Боз үй — кыргыздын улуттук үйү. Анын жасалгасы абдан кооз. Боз үйдү Зуура апа кооздоп тикти. Боз үйдүн кийизин Зарипа апа жасашты. Түндүк, ууктарын Зайыр уста жасады.

а о у ы — з

э и ү ө — з

аз	үз	из	көзү	боз
оз	эз	көз	козу	кооз
уз	өз	сөз	короз	кийиз

Бул шөкүлө кандай кооз!
Ал — Зейнептики.

Аталардын сөзү:
Элечек — эне көркү,
үкү топу — кыздын көркү.

м — аа, оо, уу, ээ

Манастын күмбөзү

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ
д б г ы з ж	т п к ы к и с ш
н л й р м	ч

Манас — кыргыз элинин баатыры болгон. Ал кыргыздын элин, жерин душмандардан коргогон. Элдердин достугун, тынчтыгын сактаган. Элибиз Манас жөнүндө улуу эпосту жараткан. Таласта Манастын күмбөзү, Кароол дөбөсү бар.

ма	май	комуз	музоо
му	муз	семиз	мүйүз
ми	миз	тамыз	Манас
ме	мен	кагаз	Майрам

Бул — Мыктыбек. Ал комузду мыкты чертет.

Аталардын сөзү:
Кыргызды Манас коргогон,
Манасты кыргыз колдогон.

5—2161

www.bizdin.kg

үз
сүз
жүз
кыз
кызыл

таза
терезе
жүзүм
күзүндө
өрүк

Өрүкзар

Бул — өрүк багы. Өрүк багын кыргыздар өрүкзар дешет. Өрүкзардын мекени — Баткен аймагы. Мындай өрүкзар башка жерде жок. Өрүктүн дарылыгы мыкты. Көп ооруга дабаа. Жыгачынан комуз чабылат. Өрүк комузду элибиз жогору баалайт.

Назира, жүзүм же. Жүзүм кир, жууп же.

Аталардын сөзү: Жаратылышты коргоо — элин, жерин коргоо.

ма
му
зу
зы

уз
ыз
суз
кыз

Кыргыз комузу

Комуз — кыргыз элинин музыкалык баалуу аспабы. Ал алма, эмен жана өрүк жыгачынан чабылат. Баарынан өрүк комуз мыкты болот.

Комузду кыргыз эли өтө жогору баалайт. Комузсуз кыргыздын эч бир майрамы, тойлору өтпөйт. Комузда кыргыздын бардык обондору чертилет.

Комузчу

Самара — кыргыздын мыкты комузчусу. Ал — Кыргыз эл артисти. Жаш комузчулардын насаатчысы.

Аталардын сөзү: Комузду сүйбөгөн кыргыз — кыргыз эмес.

www.bizdin.kg

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ
д б гы з ж	т п кы ки с ш
н л й р м ң	ч

Арсланбаб — кыргыз жаңгагынын мекени

Кыргызстан — кооз жерлерге өтө бай. Алардын бири — Арсланбаб. Ал — жаңгакка бай токой. Арсланбабда алма, алча, жийде да көп өсөт. Кыргыз жаңгагындай жаңгак дүйнөдө кездешпейт. Арсланбабда жапайы айбандар да көп. Алар корукка алынган.

а	таң	жаңгак	жаңы жыл
о	тоң	таңгак	жаңы күн
ө	тең	жаңы	чоң эне
э	жең	Жаңыл	чоң ата

ң

Жаңыл, жаңгак чак. Жаңгактан Жакып чоң атага да бер.

Аталардын сөзү: Баатыр элден чыгат,
Байлык жерден чыгат.

чоң ата
чоң эне

жаңы жыл
жаңы күн
нооруз

майрам
жазында

Нооруз майрамы

Нооруз — кыргыз элинин майрамы. Ал — байыркы элдик майрам. Нооруз жазында майрамдалат.

Нооруз жаңы күндү түшүндүрөт да, жаздын келишин билдирет.

Бул күнү кыргыздар Жаңы жылды тосушат. Бирин бири:

— Жаңы жылың менен! — деп куттукташат.

— Ассалоому алейкум!
— Алейкума ассалоом!
— Майрамың куттуу болсун!
— Майрам баарыбызга тең болсун!

Аталардын сөзү: Саламдашпай, сөз баштаба.

www.bizdin.kg

г — е, и, ү, ө



Көгүчкөн менен короз

Көгүчкөн үйдүн жанына келип конду. Сагын ага жем чачты. Аны көрүп, сугалак короз да келди. Бирок Сагын ага жем берген жок.

— Эй, көгүчкөн, — деди короз ичи тарып,— сени адамдар эмне үчүн жакшы көрүшөт?

— Биз эч ким менен, эч качан урушпайбыз. Ошол үчүн ... — деди ага көгүчкөн.

-ге	**кереге**	**ээрге**	**жерге**
-ги	**эгиз**	**сегиз**	**илгич**
-гү	**күзгү**	**сүзгүч**	**күйгүз**
-гө	**төлгө**	**чөбөгө**	**көлгө**

Айгерим

Айгерим күзгүгө каранды. Чачын тарады. Ал дайыма таза, тыкан жүрөт.

Аталардын сөзү: Колуң менен бирди,
Акылың менен миңди жеңесин.

-ге	**кереге**	**карга**
-ги	**тегиз**	**кыргоол**
-гө	**көгөн**	**сузгу**
-гү	**Назгүл**	**Чыңгыз**

-га, **-го**, **-гу**, **-гы**

Жакшы бала

Мугалим балдарга мындай деп айтты:

— Балдар, карагылачы, Чыңгыз кандай жакшы бала! Таза жүрөт, сабагын калтырбайт. Кийимин да кирдетпейт. Кана, айткылачы, жакшы бала кандай болот экен?

— Чыңгыздай!

Туура айттыбы, балдар?

Балага эмне кымбат

— Балага баарынан эмне кымбат, балдар?

— Ата-эне.

— Азамат! Аны силерге ким айтты?

— Назгүл эжейибиз.

Аталардын сөзү: Эненин сүтү— бал,
Баланын тили— бал.

www.bizdin.kg

ҮҮ

д
к
л
т
ҮҮ

а	аа
о	оо
у	уу
э(е)	ээ
и	
ү	үү
ы	
ө	
д	т
б	п
гы	кы
ги	ки
з	с
ж	ш
н	ч
л	
й	
р	
м	
ң	

Эгемендүү Кыргызстан

Биз Кыргызстанда жашайбыз. Кыргызстан - биздин мекенибиз. Биз Кыргызстанда өсүп чоңойдук. Кыргызстан — эгемендүү өлкө. Өзүнүн эли, жери, тили, салты бар. Биз аларды эч унутпашыбыз, сүйүшүбүз жана коргошубуз керек.

-дүү:	**түрдүү**	**гүлдүү**	**көңүлдүү**
-лүү:	**күлкүлүү**	**үлгүлүү**	**өмүрлүү**
-түү:	**иштүү**	**сүрөттүү**	**көрктүү**

Бактыгүл сүрөттүү китеп сатып алды. Китептин түрдүү сүрөттөрү ага жакты. Ал бүгүн абдан көңүлдүү.

Аталардын сөзү: Өз элин сыйлабаган адам, өзгө элден да сый көрбөйт.

ӨӨ

т
к
ж
и
өө

а	аа
о	оо
у	уу
э(е)	ээ
и	
ү	үү
ы	
ө	өө
д	т
б	п
гы	кы
ги	ки
з	с
ж	ш
н	ч
л	
й	
р	
м	
ң	

төө	**мөө**	**өргөө**	**сөөлжан**
жөө	**чөө**	**өрөөн**	**төөлүү**
көө	**бөө**	**мөөрө**	**өрөөн**

Зоопаркта

Биз бүгүн Муса, Жаныбек, Жумабек — төртөөбөз зоопаркка бардык. Андан карышкыр, түлкү, маймыл жана төөнү көрдүк. Төөлөр мурда айылда багылчу. Азыр чарбада төөлөр аз. Аларды көбөйтүү, сактоо керек.

б
н
өө
с
л

Мөө... мөө... мөө!

Аталардын сөзү:
Малдан жарды болсоң— бол, акылдан жарды болбо.

www.bizdin.kg

бирөө
экөө
үчөө
төртөө
бешөө
алтоо
жетөө

берүү
келүү
кетүү
жетүү
көрүү
терүү
элүү

Көңүлдүү эс алуу

Сапар, Сатар экөө сөөлжан казышты. Анан алар балыкка барышты. Сатар төрт балык кармады. Сапар жетөөнү кармады. Экөө көңүлдүү эс алышты.

Чиркей менен төө

Эки балбан тирешип,
Эми кирди күрөшүп .
Чиркей буттан чалганда,
Төө жыгылып калганда.
Эл кыйкырды: «мыкты» деп,
«Чиркей төөнү жыкты» деп.

Т. Кожомберди уулу

с..лжан

Аталардын сөзү: Жемиштүү иште, көңүлдүү эс ал.

а
э — х
ө

Хх
Хх

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
д б гы ги з ж	т п кы ки с ш
н л й р м ң	ч х

Пахтачы

Бул — пахта талаасы. Пахта талаасы кенен. Анда пахта өстүрүлөт. Рахат — пахтачы. Ал быйыл пахтаны жакшы өстүрдү. Пахтадан жип ийрилет. Андан кездеме токулат, кийим тигилет. Пахта жууркан-төшөккө салынат. Алар жумшак жана жылуу болот.

бах	**пахта**	**пароход**
төх	**халва**	**теплоход**
хор	**халат**	**луноход**

х — а
э

Бах, чиркин! Кыргыз жери кандай кооз!

Аталардын сөзү: Эл эмгегин эр жебейт,
Эр эмгегин жер жебейт.

www.bizdin.kg

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю	
д б г ы г и з ж	т п к ы к и с ш
н л й р м ң	ч х

Улуттук оюндар

Кыргыздын улуттук оюндарынын түрү көп. Алар — «Көк бөрү», «Ат чабыш», «Кыз куумай». Бул оюндарды балбан, шамдагай жигиттер, кыздар ойношот. Кыргыздын тойлору бул оюндарсыз өтпөйт. Бул оюндар байыртадан бери салтка айланган.

й+у=ю | **оюн** **куюн** | **тоют** **уюк** | **оюнчук** **люстра**

люстра

уюк

Аталардын сөзү:
Кумурсканын уюгуна тийбе, ыйлайт.

ою
ую
оюу
аюу
уюк

Аюунун ыры

Кышы бою уктаймын,
Чээнден түк чыкпаймын.
Карагайлуу токойду,
Турак кылып уктаймын.

Аары уюгун табамын,
Балына кол саламын.
Ошол үчүн мен кээде,
Азап көрүп каламын.

А. Кыдыр уулу

саюу | **коюу** | **жыюу**
баюу | **союу** | **тыюу**

Табышмакты тап:
Суюк, супсак,
Канча ичсең да
тойбойт курсак.
(с..)

Аталардын сөзү: Эненин ою балада,
Баланын ою талаада.

www.bizdin.kg

й+у=я

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю	я
д б гы ги з ж	т п кы ки с ш
н л й р м ң	ч х

ая	**тая**	**аяк**	**кыяк**
уя	**мая**	**таяк**	**куят**
уят	**бая**	**маяк**	**туят**

Уят болдум

Эжем мени тоокко
«Жем чачып кой» дегенде,
Кетип калгам «аний» деп,
Жем чачкыч белем мен эмне?
Уят болдум кийин мен
Ошол чаар тооктун
Жумурткасын жегенде.

К. Жунуш уулу

сыр а.к

у.

Аталардын сөзү:
Уяда жаткан жумуртка
Асмандап учкан куш болот.

Кичинекей сүрөтчү

Эртең сүрөт сабагы болот. Касым кагаз, карандаш жана боёкторун даярдады. Анан коёндун сүрөтүн тартты. Коёнду күрөң менен боёду. Касымды классташтары «кичинекей сүрөтчү» деп макташты.

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю е	я ё
д б гы ги з ж	т п кы ки с ш
н л й р м ң	ч х

е	**й**	**чие**	**й**	**е**	**Европа**
	э	**чиет**	**э**		**Егор**
ё	**й**	**боё**	**й**	**ё**	**коён**
	о	**боёк**	**о**		**ёлка**
			й	**ёо**	**баёо**
			о		**аёо**
			о		

Табышмакты тап:
Жеп бүтүп этти,
Анан жууйт бетти.

Аталардын сөзү:
Өнөр өргө жетелейт.
Балалык — бар өнөрдүн башаты.

www.bizdin.kg

вагон
Венера
Волга
Москва

Чыңгыз Айтматов

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю е	я ё
д б г ы г и з ж в	т п к ы к и с ш
н л й р м ң	ч х

Ч. Айтматов — Кыргыз эл жазуучусу. Ал дүйнө элине белгилүү.
Ч. Айтматов балдар үчүн да көп чыгарма жазган. Ал — Кыргыз элинин баатыры. Эмгеги менен «Ак Шумкар» орденине татыган.

-ов: Асанов **-ова:** Аскарова
-ев: Бекиев **-ева:** Бекиева

Паровоз

Күш, күш, паровоз,
Күк, күк, паровоз,
Вагондордун баары дос.
Тарткан канча жүгүң бар,
Канча жүктүк күчүң бар,
Качан сени билемин,
Качан сени минемин?

А. Токомбаев

Аталардын сөзү:
Атанын уулу болуу — урмат,
Элдин уулу болуу — кымбат.

щи
ще
щётка
плащ

щ — а, и, е, ё

Таза жүрүү да маданияттуулук

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю е	я ё
д б г ы г и з ж в	т п к ы к и с ш
н л й р м ң	ч х щ

Бөбөктөр, эринчээк болбогула. Илээндилик да - андан жаман сапат. Ошондуктан, ар ким боюн тыкан алып жүрүш керек. Таза жүрүү пайдалуу. Андыктан, щётка бизге эң керектүү буюм. Чаң жукса, же кир болсо, кийимди щёткалап тазалап ал. Адептүү жүрүү, сылык болуу кандай зарыл болсо, таза жүрүү да абдан керек.

Булар — маданияттуулуктун бир белгиси.

Аталардын сөзү:
Адептүүлүк — адамдын көркү.

цех | **центнер** | **мотоцикл**
цирк | **циркуль** | **цемент**

Циркте

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю е	я ё
д б гы ги з ж в	т п кы ки с ш
н л й р м ң	ч х щ ц

Биз циркке бардык. Циркте ат оюну болду. Кыргыздын шамдагай жигиттери ат үстүндө өз өнөрлөрүн көрсөтүштү.

Ат үстүндө баратышып, жерден тыйын эңишти. Аларды чабандестер деп аташат. Мыкты үйрөтүлгөн аттар музыка менен бийлешет.

Кыргыз цирки дүйнөнүн көп жерлерин кыдырды.

Бардык жерде аларды кызыгып көрүшөт.

ц < е, и, у

Аталардын сөзү: Эл ичи — өнөр кенчи.

www.bizdin.kg

ф < а, о, е

фабрика | **фонтан** | **шарф**
ферма | **алфавит** | **шифер**

Фонтан

а о у э(е) и ү ы ө	аа оо уу ээ үү өө
ю е	я ё
д б гы ги з ж в	т п кы ки с ш ф
н л й р м ң	ч х щ ц

Бишкек шаарында фонтандар көп. Анын түтүктөрү катар тизилип, сууну көккө бүркүшөт. Суу шуулдап, бийик атырылат. Кайра күкүмдөй чачырап, жамгыр болуп жерге түшөт. Ошол кезде күндүн нуру чагылса, түркүн түстөгү күн желеси көрүнөт. Бул кандай гана кооз!

Суунун шуулдаган үнү, таза аба адамды сергитет, эс алдырат. Ошол үчүн фонтандын жанына балдар көп чогулат.

Фархад — фермер, Анын фермасында асыл тукум жылкылар көп. Фархадга Фарида жардамдашат.

Аталардын сөзү: Жердин көркүн, эрдин даңкын чыгарган — эмгек.

www.bizdin.kg

Ь ь

медаль	съезд
пальто	разъезд
альбом	подъезд
тушь	объект

Ъ ъ

а	аа
о	оо
у	уу
э(е)	ээ
и	
ү	үү
ы	
ө	өө
ю	я
е	ё
д	т
б	п
гы	кы
ги	ки
з	с
ж	ш
в	ф
н	ч
л	х
й	щ
р	ц
м	
ң	
ь	ъ

Ичкертүү белгиси

Бүгүн майрам, жеңиш күн,
Чоң атам абдан көңүлдүү.
Чечип илсем пальтосун,
Көп медаль жарк
деп көрүндү.
Альбомдо эмес, турмушта
Аталар болсун өмүрлүү!

Ажыратуу белгиси

Эл чогулат съездге,
Поезд чогулат разъездде,
А биз досум экөөбүз
Жолугабыз подъездде.

Аталардын сөзү: Жашында билип ал,
Жетилгенде иштеп кал.

Кош, «Алиппе»!

Орундатып тилекти,
Окуп бүттүм «Алиппени».
Таанып-билип алдым мен,
Тамгаларды жалпы эми.

Эми бардык тамганы,
Эжелебей, такалбай,
Эркин окуй аламын,
Шатыратып, атамдай.

Ойлойм, өсөт акылым,
Окуй берсем күндө эле.
Китеп менен дос болуп,
Кирем кызык дүйнөгө.

К. Жунуш уулу

www.bizdin.kg

Кыргыз алфавити

Аа	Бб	Вв	Гг
Дд	Ее	Ёё	Жж
Зз	Ии	Йй	Кк
Лл	Мм	Нн	Ң
Оо	Өө	Пп	Рр
Сс	Тт	Уу	Үү
Фф	Хх	Цц	Чч
Шш	Щщ	ь	Ыы
ъ	Ээ	Юю	Яя

аа оо уу өө ээ үү

Окуйбуз, айтабыз, жазабыз.

www.bizdin.kg

1. Кичинекей досум, биз кайсы тилде окуганды үйрөнүп жатабыз? Биз үчүн анын кандай мааниси бар?

Эне тилинде окуганды үйрөндүңбү? Эгер үйрөнсөң, бул ырды үнүндү чыгарып окуп бер.

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.

Байдылда

Кыргыз тили—менин эне тилим.

2. Биз канча тамга үйрөндүк? Ирети менен айтып бер.

Бул ырды досуң менен мелдешип оку да, жаттап айтып бер.

Кумурска

Салмагынан он эсе,
Оор жүктү ташыган.
Ак эмгекке көндүргөн,
Ата-энеси жашынан.

Ж. Мамытов

Кыргыз тили—мамлекеттик тилибиз.

3. Булардын кайсылары үндүү тыбыштар? Айтып бер: **а, б, и, к, о, р, у, ф, ч, ы, э.**

Бул ырды досуң менен мелдешип, шар окуп бер.

Балдарга насыят

Каяша сүйлөп, сөз кайрып,
Турбагыла, балдар ай.
Түбү кандай болорун,
Ойлогула, балдар ай.

Бирдин көөнүн оорутуп,
Кетпегиле, балдар ай.
Түбү кандай болорун,
Эстегиле, балдар ай.

Барпы

Ар бир тил — өз элине улуу.

Ч. Айтматов

4. Булардын ичинен кайсылары үнсүз тыбыштар? Бөлүп атап бер: **а, в, г, д, и, ө,с, у, ш, щ.**

Ырды үн чыгарып, шар оку, үйдөн жаттап кел.

Эртең менен

Келгиле, эрте туралык,
Бетти-колду жууналык.
Аппак болуп алалык,
Аянтчага баралык.

Кийимди кир кылбайлык,
Булганыч жерге жылбайлык.
Оюнчукту ойнойлук,
Болочокту ойлойлук

А. Токомбаев

Өз эне тилин унуткан —
Өз энесин да унутат.

5. Ойлончу. Сөздөр эмнеден түзүлчү эле?

Текстти окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер.

Тушоо кесүү

Тушоо кесүү — кыргыз элинин эзелки салттарынын бири. Кыргыздар: «Бала баса электе анын буту тушоолуу болот, ошол үчүн бала баса албайт, ал тушоону кесип коюу керек»,—деп ойлошкон.

Тушоо кесүү тоюн ошентип ырымдап өткөрүшкөн.

Тойдо майда балдарды жарыштырышат. Алдыга ким озуп келсе, баланын бутундагы тушоону ошол кесет.

Чогулган эл:

— Ушул күлүк баладай болуп, бат эле басып кетсин! — деп бата беришет.

Кыргызстан — эгемендүү мамлекет.

www.bizdin.kg

6. Сөздөрдү кантип муунга бөлчү элек? Эсте: **орук, жүзүм, алма, булут, көйнөк, китеп, терезе.**

Өзүң да бир нече сөз айтып, аларды да муунга бөлүп бер.

Ырды шар окуп, жаттап ал. Бөбөгүндү ушинтип эркелетип жүр.

Тай-тай

Тай-тай, кас-кас,
Бир, эки, үч! Аздан бас.
Тай-тай, тартынба,
Мен турамын артында.

Бас, бас, бачым бас,
Үйгө жакын бас.
Кас-кас, кулаба,
Куласаң да ыйлаба.
Ата-эненди кыйнаба.

Ата Мекенин — алтын бешигин.

7. Санап айтып бер, бул сүйлөмдө канча сөз бар экен? **Илгери бир Чыпалак бала болуптур.**

Өзүң да бир нече сүйлөм айтып, алардын канча сөздөн түзүлгөнүн түшүндүр.

Жомокту үн чыгарып окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер.

Чыпалак бала

Чыпалак бала чыпалактай эле болгон экен. Аны карышкыр жутуп алыптыр... Жок, эң мурун төө

жеп коёт. Чыпалак балтыркандын жалбырагында көлөкөлөп жатса, төө жалбырак менен кошо аймап коюптур. Төө жутканын билбейт, кепшегенди гана билет деп ошондон улам айтылып калган тура. Чыпалак төөнүн ичинен чыңырып, жардам сурайт. Аны уккандар төөнүн курсагын жарышып, баланы куткарып алышыптыр.

Ч. Айтматов

Китептен тамга издебе, акыл изде.

Ушундай макалдардан дагы да айткыла. Ким көп айтса, ошол утат.

8. Бул сөздөрдө канчадан тамга бар экен, санап айтып бер: **чырак, көгүчкөн, жумуртка, цирк, фонтан.**

Өзүң да бир нече сөз айтып, аларда канчадан тамга бар экенин түшүндүр.

Текстти окуп, түшүнгөнүндү айтып бер:

Гүл жана таш

Гүл ташка суктанып, муну айтты:

— Таш, сен кандай бекемсиң, катуусуң, баатырсың. А таш болсо гүлгө суктанып, мындай деди:

— Гүл, сен кандай сулуусуң, татынакайсың, назиксиң...

С. Рысбаев

Макалды толуктап жаз:

Аганы көрүп... өсөт	**(ини)**
Эжени көрүп... өсөт	**(синди)**

Дагы ким ушундай макалдардан айтат? Ким көп айтса, ошол утат.

www.bizdin.kg

9. Бул сөздөрдүн кайсынысында созулма үндүүлөр бар? Ойлонуп, айтып бер:

талаа, терек, терезе, туу, ордок, күү, отургуч, ээр, кол чатыр, өгөө.

Дагы ким ушундай сөздөрдөн айтат? Ким көп айтса, ошол утат.

Окуп, түшүнгөнүндү айтып бер:

Лимон

Чебурашка дүкөнгө келди.

— Лимон барбы? — деп сурады дүкөнчүдөн.

— Лимон жок.

Чебурашка эртеси да келип сурады.

— Лимон жок...

Чебурашка күндө келип сурай берип, дүкөнчүнү тажатты..

— Эгер дагы сурасаң, тетиги делдейген кулагыңдан мык менен дубалга кадап коём! — деди дүкөнчү.

Анда Чебурашка:

— Мык барбы? — деп сурады кайра.

— Мык жок.

— Анда лимон барбы?..

Макалдарды толуктап жаз:

Гүл өссө ... көркү	**(жердин)**
Кыз өссө ... көркү	**(үйдүн)**

Дагы ким ушундай макалдарды айтат? Ким көп айтса, ошол утат.

10. Бул тамгалардан канча сөз таап жазсак болот? Ким көп тапса, ошол женет.

б а л а т ы л а р

Ушундай сөздөрдөн өзүнөр да таап айткыла.

Ангемени оку. Сага эмне жакты, айтып бер.

Бала жана өтүк

Бала өтүгүн чечкенден эринип, бутун катуу силкти. Өтүк баланын бутунан суурулуп, дубалга тумшугу менен катуу тийди.

— Ох..! Мен сени кечке көтөрүп жүрүп чарчадым, — деди бала өтүгүнө.

— А мен сенин таманынды таштан коргоп жүрүп чарчадым... — деди өтүк, бурчта онтоп жатып.

С. Рысбаев

Макалды жазып ал да, түшүндүр.

Колуң менен бирди,
Акылың менен миңди жеңесиң.

Дагы ким көп макал айтат? Ким көп айтса, ошол утат.

11. Буларды билесиңби?

Капуста — жашылча, а алмачы?
Алма — жемиш, а буудайчы?
Буудай — дан өсүмдүгү, а сабизчи?
Сабиз — жашылча, а помидорчу?

Дагы улантып, өзүнөрчө айткыла. Ким көп айтса, ошол утат.

www.bizdin.kg

Окуп, түшүнгөнүңдү айтып бер. Сага эмне жакты?

Телевизор менен радионун талашы

Бир адам дүкөнгө келди. Андан бир радио, бир телевизор сатып алды. Жолдо баратып, радио мактанды:

— Сен иштерман адамды иштен алаксытасың, жолтоо болосуң. А мени угуп, иштей берет.

— Жок. Мен адамга кызыктуу нерселерди көрсөтүп, эртеден кечке эс алдырамын, — деп телевизор мактанды.

Үйгө келгенде, адам иштеп жүрүп, радио укту.

Кечинде эс алып отурганда гана телевизордун кулагын бурады. Экөө эми талашпай, мактанбай калышты.

С. Рысбаев

Макалды жазып ал. **Жалкоо өзүнө жоо.**

Ушундай макалдардан билсеңер, бир нечени айткыла.

12. Буларды билесинби?

Кой — үй айбаны, а түлкүчү?
Түлкү — жапайы айбан, а тоокчу?
Тоок — үй канаттуусу, а ак куучу?

Дагы улантып, өзүнөр айткыла. Ким көп айтса, ошол утат.

Ырды окуп, досуң менен мелдешип жатта.

Үлгү ырлар

Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.

Ынтымак болсо, калкында,
Душманындан тартынба.
Айбаты бар жигиттин,
Атагы калат артында.

Токтогул

Макалды жазып, жаттап ал.

Адепсиз бала жүгөнү жок атка окшош.

Ушул сыяктуу макалдардан бир нечени айткыла. Ким көп айтса, ошол утат.

13. Бул сөздөрдү үлгүгө карап, үнүндү созуп айт:

сат — саат	**ара —**
шар —	**ары —**
тар —	**кар —**
тан —	**сан —**

Ушул үлгүгө салып, **о, у, э** тыбыштары катышкан сөздөрдөн айткыла.

Ангемени жана ырды мелдешип тез окуп, айтып бергиле. Силерге жактыбы?

Жолдо

Жолдо баратып:
— Ырас, жолдун музу эрип, жакшы болуп калган тура, — деди атасы.
Анда, жолдун музу эрип калганын көрүп:
— Кап, жолдун музу эрип, жаман болуп калган турбайбы..., — деп кейиди баласы.

С. Рысбаев

www.bizdin.kg

Быйты-быйты

Сол колунду соз бери,
Алаканды тос бери,
Сөөмөйдү куургуч кылайын,
Кызартып буудай кууруюн.
Буудай куур, буудай куур,
Ысып кетсе чыдай тур!
Быйты, быйты, быйты...

А. Кыдыров

Бул сөздү окуп, түшүнүп, анан жазып ал:

Башка бирөө ыйлап жатса, сен аны табалап, кубанба.

Дагы ушуга окшош накыл кептерден таап жазгыла.

14. Сөздөрдү үлгүгө карап, өзгөртүп айт:

уук — ук	**жаан —**
боор —	**ээн —**
ууз —	**оор —**
коон —	**суур —**

Ушул үлгүгө салып, дагы бир нече сөздү мисал келтирчи.

Ангемени оку, эмне жакты, айтып бер.

Кер күчүк

Кер күчүк чебеленип үрүп жатты:
— Эй, сен эмнеге үрүп жатасың? — деди бала.
— Кошунанын кара күчүгүнө, — деди ал.

Эртеси Кер күчүк каалганын түбүндө коркуп, бүрүшүп жатты.

—Эй, Кер күчүк! Сен кимден коркуп жатасың?— деди бала.

— Кошунанын көк дөбөтүнөн ... , — деди ал.

С. Рысбаев

Бул сөздү түшүн, анан жазып ал.

Улууну урматтасаң, кичүүдөн сый көрөсүң.

? Мааниси ар түрдүү бир нече макалды жазып көрсөт.

15. Бул суроолорго мелдешип, тез-тез жооп бергиле.

Карандаш менен эмне кылат? А өчүргүч мененчи?
Чалгы менен эмне кылат? А айры мененчи?
Соко менен эмне кылат? А мала мененчи?
Балка менен эмне кылат? А кычкач мененчи?

? Адамдар дагы эмне менен эмне иш кыларын мелдешип, тез-тез айткыла. Ким көп айтса, ошол утат.

Ырды шар оку. Эмне жөнүндө экенин айтып бер.

Коёнум

Коёнум, коёнум,
Капустага тойбодуң.
Көлөкөңдү тааныбай,
Коркконунду койбодуң.
Коёнум, коёнум,
Так секирип, ойногун.
Сабиз менен капуста,
Баарын эгип койгомун.

А. Токтомушев

www.bizdin.kg

Бул накыл сөздү оку, түшүнүп жазып ал:

Бирөөгө тамак берсең, оң колун менен сун.

? Ушул сыяктуу накыл кептерден бир нечени айткыла. Ким көп айтса, ошол утат.

16. Бул сөздөрдүн айырмасын айтып бер:

дарак — тарак
дос — тос
адат — атат
дат — тат

? Ушуга окшош дагы бир нече мисалды айткыла.

Бириңер түлкү, бириңер күчүк, калганыңар каз болуп, ырды окугула.

Түлкү менен каздар

Түлкү: Каа, каа, калың каз,
Кача албайсың, алың аз.
Каздар: Ой, ой, куу түлкү,
Куулук кылбай, оозуң бас.
Түлкү: Каа, каа, калың каз,
Кармап жеймин, кардым ач.
Каздар: Ай, ай, ач түлкү,
Андай дебе, балам жаш.
(Каздар качат, күчүк келет)
Күчүк: Ау, ау, ач түлкү,
Казды күчүк алдырбас,
Баатыр болсоң — кел, кармаш!

А. Осмонов

Макалды оку, түшүн, анан жазып ал.

Өзүңдү эр ойлосоң,
Өзгөнү шер ойло.

? Дагы кандай макалдарды билесиңер?

www.bizdin.kg

17. Мында кандай сөз бар? Ойлонуп тап.

К. т. п	и е	Ч. р. к	ы а

Үлгүгө салып, дагы бир нече мисалды мелдешип келтиргиле.

Окуп, эмне жакты, эмне үчүн жакты, түшүндүр.

—Эмне үчүн адамда эки кол, эки бут бар?
—Көбүрөөк эмгектенсин үчүн.
—Эмне үчүн адамда эки кулак, эки көз бар?
—Жаңылбай көрүп, даана угуш үчүн.
—Эмне үчүн бир гана ооз бар?
—Азыраак жеп, азыраак сүйлөсүн үчүн.
—Эмне үчүн бир гана баш бар?
—Башкага ишенбей, өз башы менен ойлонсун үчүн.

Бул накыл сөздү оку, түшүнүп жазып ал.

Ишти баштаганда мактанба, бүткөндө мактан.

Дагы ким ушундай накыл кептерден айта алат?

18. Бул сөздөрдү окуп, айырмасын айт:

жал — чал **жуу — чуу**
жай — чай **жоор — чоор**

Үлгүгө салып, улантып айткыла.

Оку, алма менен помидор жөнүндө эмне билесиң, айтып бер.

Алма менен помидор

— Эй, алма, адамдар сенден да томат жасайбы? — деп сурады помидор.
— А сенден дагы варенье жасайбы? — деди алма.

Анан экөө тең «жок» деп башын катуу чайкашты. Экөө тең үзүлүп, жерге түштү. Ошондон кийин экөө сүйлөшпөй калыптыр.

С. Рысбаев

Бул сөздү оку, түшүн, анан жазып ал.

Билбеймин дебе, үйрөнөйүн де.

Ушундай накыл сөздөрдөн дагы ким көп таап жазат?

19. Мындан ким көп сөз таап айтса, ошол утат.

к и т е п т е н

Өзүнөрчө дагы 4-5 мисал келтиргиле.

Оку, өз оюнду айт.

Ким кандай дейт?

Чымчыктын атын сурасаң:
— Чыйп, — дейт.
Чычкан атын айталбай:
—Чыйк! — дейт.
Күчүк атын айталбай:
— Борс! —дейт.
Орой атын айтпастан:
«Корс» дейт.

Т. Кожомбердиев

Учкул сөздү окуп, түшүн, анан көчүрүп жаз.

Колуң менен иштесең да,
башың менен ойлонуп иште.

Өзүнөрчө мелдешип, дагы да бир нече накыл кептерден жазып көрсөткүлө.

20. Суроолорго мелдешип, тез-тез жооп бергиле:

Балдардын тишин дарылайт — ал ким?
Балдарга билим, тарбия берет — ал ким?
Самолётту айдайт — ал ким?
Чекте туруп, эл коргойт — ал ким?

Андан ары ким улантат?

Окуп, түшүнгөнүндү айтып бер.

Беш дөңгөлөктүү машина

Асанбектин байкеси жаңы машина алды.

— Байкемдин машинасынын беш дөңгөлөгү бар экен, — деп мактанды ал досторуна.

— Калп айтпачы, — деди досу Бакыт, — беш дөңгөлөктүү машина болбойт. А деги, бешинчи дөңгөлөгү каеринде экен?

Асанбек уят болуп, башын шылкыйтып:

— Багажнигинде... — деди.

С. Рысбаев

Макалды окуп, маанисин түшүн.

Акылдууга — бир сөз,
Акылсызга — миң сөз.

Өзүнөрчө бир нече макал айтып, маанисин түшүндүргүлө.

21. Сөздөрдү оку, айырмасын түшүндүр:

бар — пар бай — пай каз — кас
жай — чай бас — пас дат — тат

Үлгү боюнча улантып айткыла.

Окуп, калганын өзүнөр мелдешип айткыла.

— Ит баласы — күчүк.
— Карышкырдын баласычы?
— Карышкырдын баласы — бөлтүрүк.

www.bizdin.kg

—А суур баласычы?
—Суур баласы — чөндөлөй.
—А аюунукучу?
—Аюу баласы — мамалак.
—Түлкүнүкүчү?
—Мышыктыкычы?
—Койдукучу?
—Эчки баласычы?
—Жылкы баласычы?
—Уй баласычы?

Учкул сөздү окуп, түшүн да, жазып ал.

Жакшы бала — малсаак,
Жаман бала — оюнсаак.

Мындай учкул сөздөрдөн дагы ким көп билет?

22. Бул сөздөрдүн айырмасын түшүндүр:

агын — акын алга — алка
жагын — жакын арга — арка

Үлгүгө карап, улантып айткыла.

Аңгемени оку, сага жакканын айтып бер.

Коделек

Үйдүн ары жагындагы күл дөбөдө кичинекей коделек чаңдатып оонап жатат.

— Эй, коделек, сен неге күлдө оонап жатасың? - деди кичинекей бала.

— Оонаганым жок, ойноп жатам, — деди коделек.

— А сен биздин үйдүн жанына келип ойнобойсуңбу?

— Жок, — деди анда коделек, — апам «мен куурайдан келгенче үйгө жакын барбагын, булгап коёсуң», —деген...

С. Рысбаев

Учкул сөздөрдү оку, маанисин түшүнүп, жазып ал.

Адам көркү кийимде эмес, адебинде.

Мелдешип, ушундай сөздөрдүн бир нечесин айткыла.

23. Кайсы жаныбар кандай добуш чыгарат? Оку да, калганын өзүң айт.

Булбул сайрайт, а сагызган шакылыктайт.
Карга каркылдайт, а турна кыйкуулайт.
Чегиртке чырылдайт, а бака бакылдайт.
Уй мөөрөйт, а атчы?
Итчи? Карышкырчы?
Үпүпчү? Күчүкчү?

Үлгүгө карап, улантып айткыла.

Жомокту окуп, эмне жакканын айтып бер.

Адам менен жылан

(Жомок)

Кыш эле. Бир адам жолдо келаткан. Ал жерде үшүп, бүрүшүп жаткан жыланды көрдү. Адам аны аяды да, колуна алып, койнуна салды. Жылан адамдын койнуна киргенде жылыды да, жанданды.

www.bizdin.kg

Анан: «Адам мени уурдап бараткан экен», - деп ойлоп, катуу чагып алды. Адамдын ага жакшылык кылып жатканын кайдан билсин...

Адам чочуп кетти. Жыланды койнунан алып ыргытты да, эси ооп жыгылды.

– Мен сага жакшылык кылайын дебедим беле ... – деди оозун араң дегенде кыбыратып.

Макалды оку, түшүн, жазып ал.

Жакшылыкка жакшылык — ар кишинин иши,
Жамандыкка жакшылык — эр кишинин иши.

Мындай макалдардан дагы мисал келтиргиле.

24. Сөздөрдүн айырмасын түшүндүр:

зал — сал
заман — саман
жарык — чарык

Үлгүгө карап, мелдешип, дагы да улантып айткыла.

Бир күлкүлүү окуяны оку, анан ушундай окуялардан өзүң да айтып бер.

Качан?

– Силер эртең менен канчада турасыңар, балдар?

– Короз кыйкырганда.

– Оо, абдан эрте турат экенсиңер.

– А кечинде канчада жатасыңар?

– Кечинде атабыз менен апабыз кыйкырганда.

Макалды окуп, түшүн да, жазып ал.

Акылсыз бала казанды карайт,
Акылдуу бала отту карайт.

Мындай макалдардан дагы да мелдешип айткыла.

25. Беш манжаңардын аттарын билесиңерби? Билбесеңер, үйрөнүп алгыла.

Баш бармак, **оюу чиймек,**
бадал иймек, **чып-чып чыпалак**
ортон оймок, **чычайган арам тамак.**

Беш манжаңар жөнүндө мындан башка да кандай сөздөрдү айта аласыңар?

Аңгемени оку, сага эмне жагат? Айтып бер.

Кимге эмне жагат?

– Эй, Кер улак, сага эмне жагат?

– Жаш чырпык. Ал кандай таттуу!

– Эй, Ак тайлак, сага эмне жагат?

– Мага тикенек жагат. Ал кандай таттуу жана жумшак!

– Сагачы, Көк музоо?..

– Мага жууп-жайып койгон балдардын көйнөгү жагат. Ал кандай гана таттуу!..

Накыл кепти оку, түшүн да, көчүрүп ал.

Тамактанарда биринчи нандан ооз тий.

Мелдешип, ушул сыяктуу накыл кептерден бир нечени айткыла.

www.bizdin.kg

26. Төмөндөгүлөрдү окуп, туура жоопторун тез-тез тапкыла.

Булар туурабы?

– Асан жети жашта, ал –пенсионер.

– Касымалы жетимиш жашта, ал – окуучу.

– Кемел – саат уста, ал тиш дарылайт.

– Садык–тиш доктур, ал өтүк оңдойт.

– Күкүк – келгин куш. Ал кышында чээнге кирет.

– Аюу – жапайы айбан. Ал күзүндө жылуу жактарга учуп кетет.

– Кымыз дарылыгы мыкты суусундук. Ал эчкинин сүтүнөн жасалат.

– Кымыздык, ышкын — пайдалуу өсүмдүктөр. Алар чөлдө өсөт.

Апендинин жоругун окугула.

Тамга тааныбайт

Апендинин күчүгү жоголуп кетти. Жолдо ыйлап келатса, бир адам минтип сурады:

—Апенди, эмне ыйлап келатасың?

– Кү...-чү...-гүм... жого-луп... кетти... , — деди солуктап.

– Кой, ыйлаба, газетага кулактандыруу бер.

– Күчүгүм газета окуганды билбейт... , — деди анда Апенди, ого бетер ыйлап.

Дем алыш күнү эмне кылганыңар жөнүндө аңгеме жазгыла.

27. Заттардын (адамдын, айбанаттардын, буюмдардын, жашылча-жемиштердин, кийимдердин) аттарынан бештен атагыла. Алар канча тамгадан түзүлдү? Үндүү, үнсүз тыбыштары канча экен?

Үлгү: **Алмурут: а-л-м-у-р-у-т**

Жомокту оку. Ал эмне жөнүндө экен? Жомоктогу окуя калппы, чынбы? Жомоктон адамдын жана жаныбарлардын аттарын тап.

Абышка жана анын улактары

Илгери-илгери бир абышка жашаптыр. Анын эки улагы болуптур. Улагынын бири ак, бири кара экен. Абышка улактарын аябай жакшы көрчү экен. Ошол улактары чоңоюп, чоң текелер болуптур.

Бир күнү абышка тоодо кой кайтарып жүрөт. Ошондо баягы текелери келип, абышканы сүзгүлөй баштайт. Абышка качып, карышкырдын ийинине кирип барат. Карышкыр абышканы сүзүп жаткан текелерден ажырата албайт. Ошондо текелерге ачуусу келген карышкыр абышканы аяп, кара текенин кардын жара тиштептир.

Ичегиси чубалган кара текени көрүп, абышка аябай ыйлаптыр. Анткени абышка текелери чоңойсо деле, кичинекей улактардай жакшы көрчү экен. Абышканы көрүп, карышкыр дагы аябай ыйлаптыр. Анан кара текенин жарылган кардын тигип, айыктырып бериптир.

Сөздөрдүн каршы маанилерин таап жаз.

чоң— кичине	**ак —**
улуу —	**өйдө —**
жакшы —	**семиз —**
ачуу —	**катуу —**

? Өзүнөр да ушундай сөздөрдөн тапкыла.

www.bizdin.kg

28. Заттардын өңүн, түсүн, даамын, формасын, сыпатын айтып бер.

алма	**ширин**	**кызыл**
айран	**кычкыл**	**ак**
коон	**сүйрү**	**сары**
бал	**коюу**	**таттуу**

Ырды оку. Ал эмне жөнүндө экен? Ырдан заттын өңүн билгизген сөздү тап.

Чоң ата

Ак сакалын жайкалтып,
Төшү толо орденге,
Сыймыктанып турабыз,
Чоң атаны көргөндө.

Дайым ойлоп жүрөбүз,
Күчкө эрте толууну.
Ар кимибиз каалайбыз,
Ал адамдай болууну.

Сөздөрдүн окшош маанилерин таап жаз.

дос – курдаш	**чурка –**
сулуу –	**кубануу –**
жакшы –	**абышка –**
айтты –	**шамал –**

? Өзүнөр да ушундай сөздөрдөн тапкыла.

29. Заттардын санын билдирип, сүйлөп бергиле.

Беш	**өрдөк**	**бала**
жүз	**киши**	**китеп**
онунчу	**үй**	**класс**
отузунчу	**апрель**	**сентябрь**

www.bizdin.kg

Текстти окугула. Эмне жөнүндө экен? Санакты билдирген сөздөрдү тапкыла.

Балапан учууну кантип үйрөндү?

Эрте жаз эле. Бир чымчык талга уя салды. Ага ал жети жумуртка тууду. Арадан көп күндөр өттү. Чымчык жумурткасын басып, беш балапан чыгарды. Оозуна жем тиштеп келип, аларды багып жатты. Балапандар темир канат болуп өсүп келатты.

Күндөрдүн биринде бир тентек балапан уясынан жерге түшүп калды. Энеси жем издеп кеткен. Балапан арыктын боюнда жүрсө, апсыйган, узун куйрук, таргыл желмогуз алдынан чыкты. Көрсө, ал мышык экен.

Балапан андан коркуп качып, канатын күүлөдү. Ал буга чейин учуу деген эмне экенин биле элек болчу. Биринчи ирет канатын каккан менен, уча албады. Бирок беш-алты каккан соң, учуп кетти.

Ошентип, ал мышыкка жем болуудан аман калды.

Бул сөздөрдү окугула. Кайсы сөздөр кыймылды билдирди? Таап жазгыла.

китеп, ойно, кызыл, жылдыз, уч, укта, жат, бала, кел, ич, суу, тунук, акты, турат, жашыл, чурка, оку, жарык, күйдү, отурат.

30. Сылык түрүндө кайрылганда, бул сөздөр кантип өзгөрүп айтылат?

кел — келиңиз	**отур —**
ал —	**оку —**
тур —	**жаз —**
жүр —	**ич —**

Өзүңөр да ушундай сөздөрдөн тапкыла

Ырды окугула. Силерге жактыбы? Ырда айтылган киши туура кылат бекен?

Кызык киши

Бир киши бар биз жакта,
«Мышыңыз» дейт мышыгын.
Элдер айтып, күлүшөт,
Жарабайт, – деп ушунуң.
Улууларды «сиз» деген,
Эң бир жакшы сапат го.
Бирок итти, уй, койду,
«Сиз» деген кызык адат го?

Бул сөздөрдү муундарга туура бөлүп, дептериңерге жазгыла:

бакыт, бактек, терезе, булут, көгүчкөн, көз, шаар, үй, сүйүнчү, Кайыргүл, мугалим.

Үлгү: **Ка-йыр-гүл.**

Окуу жана сөз өстүрүү

www.bizdin.kg

Бабалардын жомогу

Манас баатырдын төрөлүшү

(Манас төрөлгөндө Акбалтанын Жакыпка сүйүнчү айтканы)

Бай Жакып, балам, сүйүнчү,
Бүгүн сенин багыңа,
Арстан тууган шер келди.
Оң колуна кара кан,
Кармай түштү эр Манас.

Сол колуна сары алтын,
Уучтай түштү эр Манас.
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагынан баландын,
Кара көк жал көрүндү.

www.bizdin.kg

Эрешен тартып эр болот,
Кара көк жал кабылан,
Каары толуп шер болот.
Атары болот ак болот,
Ааламда мындай жок болот!

Аталардын сөзү: Бешиктеги баланын
Бек болорун ким билет,
Карындагы баланын,
Хан болорун ким билет.

Тайторунун чуркашы

(Каныкейдин Тайторуну чапканынан)

Бурамасын имерип,
Буркурап ыйлап жиберип,
Бууданын оозун бурду эле,
Дүрбүсүн салып турду эле.

Санап көрсө, Тайтору
Келе жатат кайран мал,
Алтымыш аттын сонунда.
Башын жерге салыптыр,
Башкача чуркап алыптыр.

Энкейиштен алганда,
Эликтей колу сайылат.
Өргө тарта келгенде,
Жал-куйругу жайылат.
Үстүндөгү баласы
Ээр кашына жөлөнүп,
Келе жатат Тайтору
Эрегишип, көжөрүп.

Аталардын сөзү: Така туякты сактайт,
Туяк тулпарды сактайт,
Тулпар эрди сактайт,
Эр элди сактайт.

Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү

Жыбырап жылдыз толгондо,
Түн ортосу болгондо,
Жолойдун үнү күркүрөп,
Добушун уккан пенденин
Жон териси дүркүрөп.
Абакеңиз Кошойду
Апарып ташка урууга
Көтөрүп колго алыптыр

Көрө салып эр Манас
«Абаке!»— деп бакырды.
Кошой аба кулагы
Манастын үнүн чалыптыр.
Ачып көзүн акыры,
Өзүнө келди акылы.
Тоодой болгон балбанды
Көтөрүп жерге урду, — дейт,
Жолойду кудай урду дейт,
Басып Кошой алды дейт,
Башынан аттап калды дейт!

Аталардын сөзү: Эр жигит — эл четинде,
жоо бетинде.

Ата Мекен — алтын уя

Кыргызстан — биздин Ата Мекенибиз

Ар кимибиздин туулуп-өскөн жерибиз бар. Ал жер — биз үчүн ыйык. Башка кандай кооз жерди көрсөк да, баары бир өзүбүздүн туулуп-өскөн жер ажайып кооз көрүнөт. Ага ар дайым тартылып турабыз. Анткени ал жер — биздин алтын уябыз.

Бирок биз ошол туулган айылыбыз менен гана чектелбешибиз керек. Антпесек, биз өз сазында чардаган бакадан айырмабыз болбой калат. Ошол үчүн биз Ата Мекенибиз — Кыргызстанды сүйүүбүз керек.

Республикабыздагы тоолор, талаалар, суулар, көлдөр, ажайып кооз жерлер баарыбыз үчүн кымбат.

www.bizdin.kg

Аларды ата-бабаларыбыз душмандардан коргоп, бизге жер кылып берген. Ар улут элди жыйып, эл кылып берген. Ошол үчүн, аны биз Ата Мекенибиз дейбиз. Биз дагы ата-бабалардын жолун жолдоп, аны коргошубуз керек. Жакшы окуп, жакшы тарбия алышыбыз, адептүү өсүп, мыкты адам болушубуз — Ата Мекенибизге ак кызмат кылганыбыз ошол.

Аталардын сөзү: Үйүндөн бөлүнсөң да,
элинден бөлүнбө.

Булбул

(Жомок)

1

Илгери бир хан болуптур. Ал акын булбулду хан сарайга алдырып: «Менин сарайымда сайрасын», — деп буйрук бериптир. Хан булбулга алтындан үй салдырып, бапестеп багыптыр. Бир күнү ал булбулга:

— Сен мага кубулжутуп сайрап берчи. Мен угуп, жыргап эс алайын, — дейт.

Бирок булбул сайрабайт. Арадан бир ай, эки ай өтөт. Ошентип, ал хандын сарайында түк да сайрабай коюптур. Хан буга таң калат, ал тургай ыза болот.

Бир күнү, эмнегедир, булбул кубулжутуп ырдап кирет, көзүнөн мончоктоп жашы куюлат. Хан өлкөсүнөн булбулдун тилин билген адамды таптырып келет. Ал булбулдун мундуу үнүн угат да, мындай дейт:

— Ханым, айып көрбөңүз, булбулду туткундан бошотунуз...

2

Хан тилмечтин сөзүнө таң калат.

— Мен аны туткунга алганым жок го. Алтындан үй салдырдым, дүйүм жемиш берип бактырып жатам. Мындайды ал эч жерден таба албайт.

— Жок, — дейт тилмеч, — булбул да өз мекенин сүйөт, аны сагынат. Өз мекенинде эркин учуп-конуп жүргөндү каалайт. Тыңшаңызчы, ал өз мекенине болгон сагынычын сизге айтып жатат.

Бул сөздү угуп, Хан булбулду тордон бошотот да, коё берет.

— Менин алтын сарайымды жактырбаган бул булбулдун мекени кандай экен? Артынан жетип карагыла!

Жигиттер октой учуп, булбулдун артынан келишет. Келишсе, булбул булактын боюндагы жаш көчөттүн бутагына конуп алып, безеленип эркин сайрап жатыптыр...

Аталардын сөзү: Жигит элин сагынат,
Булбул ырын сагынат.

Нарын дарыясы

Республикабыз сууларга бай. Алардын эң чоңу — Нарын дарыясы. Ал тоо дарыясы болуп саналат. Суусу мол, кубаттуу дарыя. Ага «Токтогул», «Күрпсай» жана «Үчкоргон» ГЭСтери курулган.

Бул ГЭСтер бизге электр энергиясын берет. Ал үйлөрдү жарык кылат. Завод, фабрикаларды иштетет.

www.bizdin.kg

Азыр электр кубатысыз эч кандай иш аткарылбайт.

Нарын дарыясы болбосо, көптөгөн эгин талаалары, пахта аянттары суусуз калмак. Анын суусу коңшу өлкөлөргө да жетет.

Аталардын сөзү: Колуңа суу куйганда:
«Өмүрүң суудай узун болсун»,— деп алка.

Сулайман тоосу

Кыргыз Ала-Тоосунда өзгөчө бир тоо бар. Ал — Ош шаарындагы Сулайман тоосу. Бул төөнүн өркөчүндөй болгон эки чоң урчук тоодон турат. Ал — эзелки тоо.

Сулайман тоосунда үч табигый үңкүр бар. Анын бирөө өзгөчө чоң жана сырдуу. Анын түштүк жагынан кирип, чыгыш жагынан чыгып кетүүгө болот. Бул үңкүрлөрдө байыркы доордо эле адамдар жашашкан.

Азыр бул тоо табигый музейге айланды. Музейдин ичи кыргыздын байыртадан берки турмушун чагылдырат. Аны көрүүгө кызыгып, дүйнөнүн ар тарабынан адамдар келишет.

Сулайман тоосу азыр Ош шаарынын ортосунда калды. Тегерете курулган кооз шаар өнүгүп-өсүүдө. Ал —азыр Кыргызстандын Бишкектен кийинки экинчи борбору. Тоо шаарга, шаар тоого көрк берип, адамдын көз жоосун алат.

Аталардын сөзү: Атаң барда эл тааны,
Атың барда жер тааны.

www.bizdin.kg

Арашан суулары

Суулардын баары эле жерден чыгат. Алар булактардан куралат. Бирок бардык эле булактар бирдей болбойт. Дарылык касиети бар жылуу булактар кездешет. Аларды арашан суулары дейбиз. Арашан суулары жерден өзү эле оргуштап, кайнап чыгат да, жылуулугу 30дан 50 градуска чейин жетет. Бул суулар адамдын тери жана муун ооруларын дарылайт. Ичсе ички ооруларга да табылгыс дары.

Мындай сууларды мамлекет корукка алган. Ал суулар чыккан жерлерге курорттор жана түрдүү эс алуу жайлары курулган.

Арашан суулары Ак-Суу, Ысык-Ата, Жалал-Абад, Жыргалаң жана Жети-Өгүз курортторунда негизги дарылоочу каражат болуп саналат.

Аталардын сөзү: Эр элден чыгат,
Суу жерден чыгат.

Биринчи суук

Бир күнү таң эртең менен үйдөн чыга калсам, эшик алдында ойноп турган кичинекей кызым ашыга сурады:

—Ата-а, ата-а. Эмне үчүн оозуңузда түтүн?..

Эч элес албай:

— Оозумда түтүн жок, кызым, — дедим.

— Ба-ар, ба-ар. Мына-а, мына-а... , ал энтеңдеп, буулганган демими көрсөттү. Көрсө, аба суук тартып, боз кыроо түшүп калган тура.

Т. Сыдыкбеков

Аталардын сөзү: Бала тили — бал.

Боз үй

Кыргыз эли байыртадан эле боз үйдө жашап келишкен. Боз үй көчүп-конуп жүрүүгө өтө ыңгайлуу. Ал, чындыгында, бат тигип же бат чечип-жыйнап алууга да оңой.

Боз үй жайында салкын болот. Кышында көчмөн ата-бабаларыбыз жылуулап, от жагып алып жашашкан.

Боз үй — кыргыздардын эң баалуу буюмдарынын бири. Аны эч кандай мыксыз эле кураштырып тигип алганы — кандай керемет. Жыгачтары арчадан, талдан, кайыңдан мыктылап жасалат. Алардын ар биринин аты бар. Мисалы: түндүк, кереге, уук, эшик, босого таяк. Үстүнө үзүк, туурдук жабылат. Колунан көөрү төгүлгөн чоң энелер боолорун кол менен согуп даярдашкан. Аларды баш чалгыч, тизгич, уук боо, үзүк боо, туурдук боо деп аташат.

Жаңы боз үй жасап тигүүнү үй көтөрүү деп аташат. Үй көтөрүүдө өзүнчө той өткөзүп, майрам кылышат.

Табышмакты тапкыла: Тактасы жок, мыгы жок,
Чебер уста жасаган.
Ал кандай үй — төрт мезгил,
Ата-бабаң жашаган?

www.bizdin.kg

Тушоо кесүү ыры

Кас-кас, кас, бөбөк,
Кадам таштап, бас, бөбөк,
Аскар тоодон аш бөбөк.
Кечээ күнү туулган,
Ак улакка жет, бөбөк.
Мурда күнү туулган,
Көк улакка жет, бөбөк.
Кас-кас, кас, бөбөк,
Кара улактан аш, бөбөк.
Аргымактай күлүк бол,
Аталардай улук бол!

Аталардын сөзү: Бала — падыша.

Баланы бешикке салгандагы ыр

Бешигинде жатагой,
Таттуу уйкуга батагой,
Мойнумдагы тумарым,
Моокум канбас кумарым.
Жакамдагы кундузум,
Асмандагы жылдызым.
Алдей, алдей, ак бөпөм,
Ак бешикке жат, бөпөм.
Алдей, бөпөм, ыйлаба,
Ата-энеңди кыйнаба.

Аталардын сөзү: Өнөр башы — аталар,
Адеп башы — энелер.

Кымыз

Кымыз бээнин сүтүнөн жасалат. Сүттү атайын тигилген сабага же эркечтин чаначына куюшат. Андан кийин аны арча бишкек менен бышат. Сүт кымыз болуп ачышы үчүн 2 — 3 саат убакыт керек.

Кымыз — даамы, дарылыгы жана жыты боюнча эч бир тамакка окшобогон баалуу суусундук. Кыргыз кымызы көптөгөн ооруларга дабаа болор касиетке ээ. Ичкен адамга зор кубат, күч берет.

Жаш кымызды кыргыздар саамал дешет. Саамал дагы ден соолукка абдан дары. Демек, кыргыз кымызы дүйнөгө белгилүү «Кока-кола», «Фанта» жана «Пепси-коладан» алда канча баалуу суусундук. А дарылыгын айтпай эле кой.

Ошол үчүн тоолук кыргыздар кымызды өзгөчө баалашат. Үйүнө келген мейманына биринчи иретте кымыздан ооз тийгизет.

Аталардын сөзү: Куттуу үйдөн куру чыкпайт.

Жакшы сөз укса, кулак ыраазы,
Жакшы нерсе көрсө, көз ыраазы,
Жакшы иш жасаса, кол ыраазы,
Жетерине жетсе, бут ыраазы,
Мунун баарына —адам өзү ыраазы.

Көк бөрү

Көк бөрү — кыргыз элинин байыркы спорт оюндарынын бири. Аны шамдагай жигиттер ойношот. Көк бөрү тойлордо ойнолчу. Азыр атайын мелдештер өткөрүлөт.

«Көк бөрү» деген сөз «карышкыр» дегенди түшүндүрөт. Илгери малга кол салган карышкырды шамдагай, балбан жигиттер ат менен кууп, чаап жыгып алышкан. Аны андан кийин биринен бири ат үстүнөн алып ойношкон. Бул бара-бара оюнга айланып, Көк бөрү ат оюну пайда болгон.

Аталардын сөзү: Кайратсыз эр болбойт,
Каада-салтсыз эл болбойт.

Адамдын канаты

Ат — адамдын канаты,
Кайда болсо кетесиң.
Ат — адамдын чын досу.
Куусаң жоого жетесиң.

Минсеңучуп шамдагай,
Көңүл ачат, чер жазат.
Агын сууга туш келсеңалып өтөт, кутказат.

Ат сыйлаган жөө баспайт,
Камчылабай, жемдегин.
Ат жакшысы байге алат,
Текке кетпейт эмгегин.

А. Токтомушев

Аталардын сөзү: Ат, аттан кийин жат.

www.bizdin.kg

Нан — өмүр

Нан адамдын эң кымбат азыгы болуп саналат. Нансыз жашоону элестетүүгө мүмкүн эмес. Ошол үчүн, «нан — өмүр» деп аташат. Ар бир сындырым нан көп мээнет, маңдай тер менен жаралат. Аны ысырап кылуу — адепсиздиктин гана белгиси.

Ак буудайды өстүрүү, багуу, жыйноо аталардын, энелердин зор эмгегин талап кылат. Ал эми нанды таттуу, кооз кылып бышыруу — андан калышпаган эмгек. Бул эмгек биздин апаларыбызга таандык. Ал — эмгек гана эмес, табылгыс өнөрлөрдүн бири.

Ойлончу, бир эле адам бир жолу тамак ичкенде 20 грамм нанды ысырап кылат дейли. А адам күнүгө үч-төрт ирет тамактанат. Андай болсо, республикабызда беш миллиондон ашык адам бир күндө канча нанды ысырап кылат? 100 миң килограммдан ашык, же болбосо 100 тоннадан ашык!

А бир жумадачы? Бир айдачы? Бир жылдачы? Өзүң эсептеп тапчы.

Аталардын сөзү: Нанды тепсебе, убал болот.

www.bizdin.kg

Китептин душманы

Ким китепти кирдетсе,
Китептин баркын билбесе,
Жулуп алып барагын,
Орой салса бир нерсе,
Ал — китептин душманы.

Ким китепти сүйбөсө,
Кадырына күйбөсө,
Чылым ороп, шарт айрып,
Калжаң-кулжаң сүйлөсө,
Ал — китептин душманы.

Бардыгынан ким жаман?
Китеп жырткан шум жаман.
Китеп сүйгөн балдардан
Наалат алсын ал адам!
Ким — китептин душманы?

А. Осмонов

Табышмакты тап:

Олтуруп алып, ичин ачам,
Баатырларга аралашам.
Аябай кызыкка батам,
Аягына жеткенче шамам.

Аталардын сөзү:

Акылы бар билимди самайт,
Акылы жок кийимди самайт.

«Даярбек»

Жакшы угат «ич» десе,
Жаман угат «иш» десе.
Арзыбаган жумушту,
Араң жасайт күчтөсө.

Ыйлайт «отту жак» десе,
Туйлайт «бала бак» десе.
Аш ичкени болбосо,
Үйдө бары — жокко эсе.

Кеп жүйөөсүн жактырбай,
Кетет дайнын таптырбай.
Бирок тамак бышканда,
Даяр болот айттырбай.

А. Кыдыров

Аталардын сөзү:

Адеби жок жигит
жүгөнү жок атка окшош.

Жалкоо кеч кирсе — деп шашат,
Эмгекчил таң атса — деп шашат.

Атанын акылы

Жүр, балдарым, жаталы.
Бирок уктаар алдында
Унутпайлы «батаны».

Жалпы жамаат эл аман
Жатсын жакшы түш көрүп,
Журтка ынтымак бер анан!

Эртең эрте турганда
Каршылашып жүргөндөр
Калсын окшоп тууганга.

Эртең эрте турганда
Арам пейил ак болсун
Окшоп таза жууганга...

Кабыл кылсын «батаны»
Кана эмесе: «Омийин!»
Жүр, балдарым, жаталы.

С. Эралиев

Аталардын сөзү: Жакшы тилек — жарым ырыс.

Жамгыр менен жер көгөрөт,
Бата менен эл көгөрөт.

Кантип?

«Кош-кош» деп козуну
Короодон чыгарат.
«Өш-өш» деп өгүздү
Өзөндөн сугарат.
«Кыш-кыш» деп карганы
Кырмандан кубалайт.
«Чөк-чөк» деп төөлөрдү
Чуудадан кармашат.
«Чек-чек» деп эчкини
Короодон айдашат.

А. Рыскулов

www.bizdin.kg

Келгиле, жомок окуйлу

Ырыс алды – ынтымак

(Кыргыз эл жомогу)

Илгери-илгери бир акылман карыя болуптур. Анын тогуз уулу бар экен. Тогуз уулу ынтымактуу эмес экен. Бир күнү карыя уулдарын сынагысы келет:

– Кана, балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн. Мына бул чырпыктарды тобу менен сындыргылачы, –дейт.

Бир боо чырпыкты балдары сындыра албайт. Ошондо абышка чырпыктын боосун чечип, ар бирине бирден берет. Балдары чырпыктарды бирден тырс-тырс сындырып коюшат.

– Көрдүңөрбү? – дейт ошондо абышка, – ынтымактуу болбосоңор, катылган душман силерди ушинтип бирден жеңип коёт. А бир боо чырпыктай болсоңор, силерге эч ким катыла албайт.

? Абышка балдарын кантип сынаган экен?
Ынтымактын күчү кандай болорун түшүндүңөрбү? Айтып бергиле.

Аталардын сөзү: Ынтымак көкөлөтөт,
Чыр-чатак чөгөлөтөт.

Ур, токмок!

(Жомоктон үзүндү)

I

Илгери бир кедей мүнүшкөр кушка тор салып отуруп, Көккарчыга деген кушту кармап алган экен.

9–2264

Көккарчыга кедейге:

— Каалаганынды берейин, мени коё бер,– деп жалынат. Кедей аны менен түбөлүккө дос болуп коё берет.

Бир күнү жолдо келатып, кедей мүнүшкөр жер жайнаган малды көрөт. Сураса, ал Көккарчыганын малы экен. Кедей малды баккан малчылардан Көккарчыганы кайдан табууга боло турганын сурайт. Малчылар кедейди Көккарчыгага алып барат.

– Кана, досум, – дейт Көккарчыга аны коноктогон соң,– сага эмне берип узатайын?

Кедей малчылардын үйрөткөнү боюнча, андан кичинекей кара казанын сурайт. Көккарчыга анын айтканын берип узатат.

II

Кедей жолдо келатып, курсагы ачат. Анан ал казанды алдына коёт да:

– Казан толо эт быш! - деп буйрук берет казанга. Ошол замат казан толо эт пайда болот. Аны жеп, кедей жолго чыгат. Муну көргөн тентек балдар кедейдин касиеттүү казанын тартып алышат. Айласы кеткен кедей Көккарчыгага барып, болгон ишти айтат. Досу кедейге токмогун берип узатат. Ал жолдо келатса, баягы тентек балдар жолун тосуп турушат. Алар кедейди дагы да шылдыңдашат.

– Ур, токмогум, ур! – дейт кедей Көккарчыганын үйрөткөнү боюнча. Айткандай эле токмок тентек балдарды токмоктоп ура баштайт. Ошондо, тентек балдар кедейдин оңой адам эмес экенин билип, андан кечирим сурашат.

www.bizdin.kg

? Кедей кимге кандай жакшылык жасады?

Ага досу эмне берди? Ал буюмдар кедейге кандай жардам кылды?

Аталардын сөзү: Жакшылык жакшылык менен кайтат.

Ач карышкыр

(Үзүндү)

Карышкыр бир күнү жолдо ачка келатып, Ак улакка жолугат.

– Ак улак, мен сени жеймин, –дейт ал.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ач, ошол үчүн.

– Кой, Каке, сен мени жебе, –дейт Ак улак,– мени карачы, мен аябай арыкмын. Этим – көк жашык, каным — бир кашык. Менден көрөкчө, тээтиги сазда бир Кула бээ тыгылып жатат, ошону же...

Карышкыр Кула бээге келет.

– Ой, Кула бээ, мен сени жеймин, –дейт ал.

– Эмне үчүн?

– Курсагым ачка, ошол үчүн.

– Болуптур, бирок а дегенде мени саздан чыгар, — дейт бээ. Карышкыр бээни саздан зорго чыгарат.

– Эми жейинби? – дейт Карышкыр.

– Шашпа, жейсиң, – дейт ага Кула бээ, – менин туягыма өзүңдүн атыңды жазып калтыр. Ээм таап, ким жегенин билсин.

Карышкыр макул болуп, бээнин туягына кат жаза баштайт. Ошондо Кула бээ таамайлап туруп, Карышкырды башка тебет да, оюн салып жөнөп кетет.

Ошондо акылсыз карышкыр:

Ак улакты жебеген арман башым,
Бээни саздан чыгарган балбан башым,
Таманына кат жазган молдо башым...
Олдо, башым... башым... ,—

деп ыйлап кала бериптир.

? Ач карышкыр адегенде кимден алданды?
Аны кийин Кула бээ кантип алдады?
Карышкырдын акылсыздыгын эмнеден улам билдиң?

Аталардын сөзү: Сагызган сактыгынан өлбөйт, суктугунан өлөт.

Түлкү менен кене

Түлкү менен кене шерик болуп, буудай айдашты. Митаам түлкү: «Башым ооруйт, ичим ооруйт, кымыз ичип келбесем болбойт», – деп күндө эле жайлоого кетип калат. Кене жалгыз өзү буудайды сугарып, оруп-жыйып бастырды. Бир күнү түлкү үйүлгөн кызылды көрүп, ичинен кымыңдап: «Кенени алдап, эгинди бүт өзүм алайын», – деп ойлоду да:

– Кене, муну бөлүп убара болбойлу. Андан көрө жарышалык да, кимибиз чыксак – ошонубуз буудайды бүт алалы. Калганыбыз куру калалы, – деди. Кене ойлонуп туруп, макул болду. Жарышчу

www.bizdin.kg

жерге барып, экөө катар турду. Түлкү «Алло акбар!» деди да, куйругун көтөрүп, кулагын жапырып, чуркаган бойдон жөнөдү. Кене түлкүнүн куйругуна чап жармашты. Түлкү кырмандын четине жетип келет. «Кене кайда келатат?» – деп токтой калып силкингенде, кене жерге ыргып түштү да, үйүлгөн кызылдын үстүнө чыгып:

– Ой, сен эмнени карап турасың?– деп кыйкырды. Түлкү чочуп кетип:

– А сен качан келдиң? – деди.

– Менин келгеним качан!.. Сени күтө берип зеригип кеттим, – деди Кене. Түлкү эми айласы жок же тапкан пайдасы жок, жолго түштү. Кене өз эмгегине өзү ээ болуп, буудайын кампага ташып төктү да, жыргап-куунап жатып калды.

Аталардын сөзү: Ак эмгектин наны таттуу,
Жалкоонун жаны таттуу.

Каркыра менен түлкүнүн достугу

Каркыра менен түлкү дос болушту. Экөө бири-бирине жанаша конушту.

– Каркыра досум, эч нерседен кам санаба, бара бергин, – деди түлкү, — балапандарыңды мен карап турайын.

Каркыра кеткенден кийин түлкү анын бир балапанын жеп, каркыранын келе турган жолуна ыйлап отуруп алды. Бир убакта каркыра келет:

– Түлкү дос, эмне ыйлап отурасың? – деди. Анда түлкү ого бетер өңгүрөп ыйлап:

— Ыйлабаганда кантем!.. Кудай дешкен дос элек, көз кашайып көрбөй калыпмын, карасам, узун моюн баландын бири жок, – деп ыйлап да, сүйлөп да жатты.

Каркыра түлкүдөн шектенип, калган балдарын алып, бөлөк жерге көчүп кетиптир.

Аталардын сөзү: Алыстагы душмандан,
Арам ойлуу дос жаман.

Эне тилдин берметтери

Накыл сөздөр

Калем жазбайт, акыл жазат.
Чымчыктын уясын бузсаң ыйлайт, оңдоп койсоң, сооп болот.
Бирөөгө тамак берсең, оң колуң менен бер.
Эшикти тээп ачпагын.
Колуңа суу куйганда: «Өмүрүң суудай узун болсун»,— деп алка.
Тилдин улуусу да – эне тил,
Тилдин сулуусу да – эне тил.
Билбеймин дебе, үйрөнөйүн де.
Баш кийимди тепсебе, бирөөгө сатпа.
Колуңду жууган соң, силкпе.
Кишиге артыңды салып олтурба.
Көк чөптү үзбө, боюң өспөй калат.
Бар туруп, жок дебегин.
Боюңду карыштап ченебе.
Кишиге түкүрбө, бетиңе сөөл чыгат.
Жыланды өлтүрбө, кунун кууйт.
Канатың жетилмейинче учпа.
Кекчил болбо, эпчил бол.

www.bizdin.kg

Макал-лакаптар

Айтыла элек сөз – сенин кулуң,
Айтылган соң, сен – анын кулусуң.

Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

Өнөрүң болсо, өргө чап.

Күчтүү –күчтүү эмес, өнөрлүү – күчтүү.

От менен ойносоң, күйөсүң,
Суу менен ойносоң, чөгөсүң.

Атаң карыса, кул кылба,
Энең карыса, күң кылба.

Энеңди сыйласаң, эмгегин баала,
Атаңды сыйласаң, акылын ук.

Эрте турсаң, иш көп
Эрте жатсаң, түш көп.

Сен деген – сенек сөз,
Сиз деген – сылык сөз.

Жаман сөз жүрөккө барып таш болот.

Максаты бийик алдатпайт,
Кыялы күлүк карматпайт.

Жакшыга–бир сөз,
Жаманга–миң сөз.

Билимди сатып албайт, казып алат.
Эл сагынбас эр болбойт,
Жер сагынбас ат болбойт.

www.bizdin.kg

Жаңылмачтар

Багымда бал аары бар,
Байкагыла баарыңар.
Байкабасаң, аарылар,
Баш көтөртпөй баарылар.
Баарыласа аарылар,
Бакыргыла баарыңар,
Балээ кылат аарылар.

Бул бал каймак, бал каймак,
Малдан чыкмак ал каймак.
Малдан сүт, май чыкпаса,
Кайдан чыкмак ал каймак?

Көк көпөлөк көк гүлгө конду,
Көп көпөлөк көп гүлгө конду.
Көк көпөлөк көбөйүп учту,
Көп көпөлөк көкөлөп учту.

Эки ооз калп

Кичинемде турна бактым,
Арка-жонуна жабуу жаптым.
Өз энемдин ичинде экенимде,
Чоң атамдын баскан изине көл токтоттум.
Көл токтотуп, бир короо балык бактым.
Эки кумурска күрөшүп туруптур.
Карышкырды кумурска чагып өлтүрүптүр.
Кумурсканы кой кылып кумга жайдым,
Чегирткени ат кылып тойго миндим.
Башка айтканым калп болсо да, ушунум чын.

Табышмактар

Атасынын кулагын баласы чукуйт.
(к...у, а...ч)

Тогуз ай жатат үйдө,
Кыш түшкөндө болот жорго. *(ч..а, л..а)*

Коңгуроосу шыңгыр айт,
Кулагыңа шыбырайт.
Сен сүйлөсөң жооп айтат,
Бул эмне? Билсең айт. *(т.....н)*

Эшигин жаппай эч качан,
Элейип добуш тыңшаган. *(к...к)*

Өзү да бир, көзү да бир. *(и..е)*

Кийимин тиккен ийнеден,
Коркуп жырткыч тийбеген. *(к....и)*

Жазып-жазып арыктаган,
Жазуудан түк жалкпаган. *(б. р)*

Сүйлөбөсү анык,
Аны суудан табасың барып.
Ал эмне? Ал –..... *(б...к)*

Буту бар, башы бар,
Үстүндө ташы бар. *(т.....а)*

Түшүрбөй башынан калпагын,
Жарык кылат жан — жагын. *(л.....а)*

www.bizdin.kg

Ай, балалык, балалык, Ырдап-ойноп алалык

Балалык

(үзүндү)

Бир жашында билбеген,
Экисинде эси жок.
Төрткө жашы барганда,
Таңга маал торгойдой
Сайрап турган балалык.
Жоогазындай жайлоодо,
Жайнап турган балалык.
Бешке жашы барганда,
Аккан сууну бойлошот.
Кой дегенге болбостон,
Балчык кечип ойношот.
Сегизге жашы барганда,
Оюнга такыр тойбостон
Оромпой тээп, чикит чаап,
Ок жыландай жойлогон.
Тогуз жашка чыкканда,
Дөбөт менен мышыкты
Кабыштырган балалык.
Кимиси кыйын экен, –деп,
Салыштырган балалык.

Жеңижок

Үлгү ырлар

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл,
Эринчээк, жалкоо дедирбей

Ырыс алды – ынтымак,
Өмүр бою кол кармаш.
Билими бар азамат,
Бири-бириңе жардамдаш.
Өнөрүң болсо өргө чап,
Кор кылбай асыл жанды бак.
Эрдин көркү – эл менен,
Эмгегиң менен элге жак.

Токтогул

Кичинекей бөбөкжан

Кагылайын, кагылайын,
Кичинекей боюңдан.
Оюнчукту жыйыштырып,
Портфель алган колуңдан.

Эртең менен эрте туруп,
Сабагыңа барасың.
Айрылбасын, жоголбосун
Карандашың, кагазың.

Адашпастан кең жолуңдан,
Мектебиңе бардыңбы?
Дал өзүңдөй балдар менен
Жолдош болуп алдыңбы?

Тартип сакта, таза жүргүн,
Балдар сага күлбөсүн.
Сабагыңды жакшы окугун,
Мактап сени сүйлөсүн.

Н. Жетикашкаева

www.bizdin.kg

Кумурска көргөн тоо

Кыл муруттуу кумурска
Келатыптыр жумушка.
Топчумду алып колума,
Тосуп койсом жолуна.

Тиягынан карады,
Биягынан карады,
Ары-бери бойлоду,
Тоо экен деп ойлоду.

Т. Кожомбердиев

Таранчы

Бейбаштыгы ырас да,
Кирип келсе болобу
Таранчы биздин класска.
Ызы-чуу дароо басылып,
Тунжурай түштүк бир азга.
А көрсө биздин чурулдак
Класстын ичин жарыптыр.
Өзүбүз деп таранчы
Байкабай кирип алыптыр.

К. Жунушев

Көлчүктөгү ай

Эшикке чыксам, укмуш, апа,
Ары-бери калтырап,
Чоң көлчүктүн ортосунда
Ай жатыптыр жалтырап.

Басып барып акырын,
Колум сунуп батыраак,
Жаңы кармап аларымда,
Сынып калды чачырап.

Т. Кожомбердиев

Ким?

Ак шейшепке ороп сени
Кичинеңден баккан ким?
Уйку көрбөй узун түндө
Таптап сени жаткан ким?

Сүтүн берип, сүйүп, ийип,
Эркелетип күлгөн ким?
Кечке колдон түшүрбөстөн,
«Кешигим»,— деп жүргөн ким?
Бутуң шилтеп, талпынганда,
Колдон кармап баскан ким?
Тилиң чыгып сүйлөгөн дө,
Мээримдүү сөз айткан ким?

М. Жангазиев

Сөзгө жакын балалык,
Сөз үйрөнүп алалык

Ашкөк

Ашкөк өсөт короодо
Болгон кезде жазгы убак.
Аны салса тамакка
Аштын даамын чыгарат.
«Укроп» дейт орусча
Эстеп алгын жакшылап.

www.bizdin.kg

Жабагы

Аргымакка айланар
Келген кезде баралы.
Артта калар куюндап,
Айдың талаа шамалы.
Азырынча алты айлык
Демек, анда —жабагы.

Жүзүк

Кооз жүзүк бекен? — деп
Анан мага жылмайды.
Карап калдым ойлонуп,
Укпаган соң мындайды.
Атын билдим, а көрсө,
Шакекти айткан турбайбы.

Т. Самудинов

Ойноп айт да, ойлоп айт!

(Сөз-табышмактар)

Ким?

—Балдардын тишин дарылайт. Ал ким?
—Балдарды окутат. Ал ким?
—Самолётту, ракетаны айдайт. Ал ким?
—Өтүк оңдойт, ултарат. Ал ким?
—Чач алат, тегиздейт. Ал ким?
—Автобусту айдайт, эл ташыйт. Ал ким?
—Жол казат, жол оңдойт. Ал ким?
—Бакчага барат, оюнчук менен ойнойт. Ал ким?

Эмне?

—Жаңылыктарды айтат, ырдайт, сүйлөйт. Ал эмне?
—Кишенейт, алыска чуркайт. Ал эмне?
—Маарайт, алтын жүн берет. Ал эмне?
—Жерден казылып алынат, үй жылытат. Ал эмне?
—Күндүз уктайт, түндө учат. Ал эмне?
—Сүйлөбөйт, акыл үйрөтөт. Ал эмне?
—Ачуу, бирок тамакка салсаң таттуу. Ал эмне?

Кайда? Каерде?

—Фабрикада жип ийрилет, кийим тигилет.
—А заводдочу?
—Заводдо кант, нан, машина жасалат.
—А тегирмендечи?
—Тегирменде ун, талкан тартылат.
—А ашканадачы?
—Ашканада тамактын түрү бышырылат.
—А басмаканадачы?
—Басмаканада газета, журналдар жана китептер чыгарылат...
—Дагы каерде эмнелер жасалат? Өзүң айт.

Эмне кылат?

—Чай кайнайт, а айранчы?
—Айран уюйт. А кымызчы?
—Кымыз ачыйт. Палоочу?
—Палоо демделет. А этчи?
—Эт бышат.

—Машинага отурат, а аткачы?
—Атка минет, а автобускачы?
—Автобуска түшөт, а баккачы?
—Бакка чыгат.
—Чегиртке секирет, а жыланчы?
—Жылан сойлойт, а балыкчы?
—Балык сүзөт, а булбулчу?
—Булбул сайрайт, а кекиликчи?
—Кекилик кекиликтейт, а бүркүтчү?
—Бүркүт шаңшыйт, а карышкырчы?
—Карышкыр улуйт...

? Дагы эмне эмне кылат? Өзүң айт.

Кандай?

—Айран ак жана кычкыл, а калемпирчи?
—Калемпир кызыл жана ачуу, а сабизчи?
—Сабиз сары, таттуу, а кызылчачы?
—Кызылча кызыл, таттуу, а алмачы?
—Алма кызыл, көк, сары, кычкыл, таттуу...

? Дагы эмне кандай? Өзүң айт.

www.bizdin.kg

5-бөлүк

Класстан тышкаркы окуу

10—2264

www.bizdin.kg

Биринчи коңгуроо

Калем кармап кичинекей колуна,
Кадам таштап эже-агайдай болууга,
Түйшүк тартып оюнда эмес турмушта,
Түшкөнүң бул улуулардын жолуна.

Кайырма: Мына аппак мектебин,
Жүр басагой, тездегин,
Бул коңгуроо — сен үчүн,
Өмүр бою эстегин.
Атакендей угуп өс,
Агайындын сөздөрүн.
Энекендей угуп өс,
Эжейиндин сөздөрүн.

Коңгуроонун күмүш үнү чачырап,
Биринчи ирет классыңа чакырат,
Талпынагой темир канат бөбөктай,
Таалай жолуң ушу бүгүн ачылат.

Кайырма:

Энең берген эне тилиң билип өс,
Атаң айткан Ата-Журтту сүйүп өс,
Ала-Тоонун болуп ээси, эркеси,
Ак элечек, ак калпагың кийип өс.

Кайырма:

С. Рысбаев

Кыргыз эл ырларынан

Ким күчтүү?

Кыргоол кызыл болгон,
Куйругу узун болгон.
Эмгек кылбай,
Музга тайган.
Буту сынган.

— Муз, муз, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— А мен күчтүү болсом,
Күнгө эрир белем.
— Күн, күн, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Мен күчтүү болсом,
Бетимди булут басар беле.
— Булут, булут, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Кокуй мен күчтүү болсом,
Жамгыр тешип өтөр беле.
— Жамгыр, жамгыр, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Мен күчтүү болсом,
Жерге сиңип кетер белем.
— Жер, жер, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Мен күчтүү болсом,
Ак шыбак жарып чыгар беле.
— Ак шыбак, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Мен күчтүү болсом,
Боз токту тиштеп жулар беле.
— Боз токту, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Мен күчтүү болсом,
Көк чунак куйругумду үзөр беле.
— Көк чунак, сен эмнеликтен
Күчтүү болдуң?
— Мен күчтүү болсом,
Мергендер атар беле.

www.bizdin.kg

Ар ким сүйөт баласын

Жылкы сүйөт баласын
Кулунум деп,
Минсе, түшсө билбеген
Дулдулум деп.
Үй сүйөт баласын
Торпогум деп,
Караңгыда баспаган
Коркогум деп.
Төө сүйөт баласын
Тайлагым деп,
Талдын башын сындырган
Ардагым деп.
Кой сүйөт баласын
Коңурум деп,
Сойсо, сатса билбеген
Момунум деп.
Эчки сүйөт баласын
Улагым деп,
Таштан-ташка секирген
Чунагым деп.
Ит сүйөт баласын
Күчүгүм деп,
Жерден мурдун албаган
Бучугум деп.
Карга сүйөт баласын
Аппагым деп,
Ача жыгач башынан
Тапканым деп ...

Кыргыздын элдик калптарынан

От жакпай бышырдым

(Жорго сөз менен)

Өз атам туула электе, чоң атамдын жылкысын кайтардым эле. Тууй элек бээнин сүтүн тигиле элек сабага куюп, ичпей мас болдум.

Чыга элек табылгынын түбүндө туула элек коён жатыптыр. Жасала элек таяк менен уруп жиберсем, казыла элек ийинге кирип кетти.

Үч арык туруптур. Экөө кургак, бирөөнүн суусу жок. Үч арыкта үч балык бар экен. Экөө-өлүк, бирөөнүн жаны жок. Үч киши туруптур. Экөө жыланач, бирөөнүн кийими жок. Ал жыланач кишинин этегине жаны жок балыкты салдырып келе жатсам, үч там туруптур. Экөөнүн төбөсү жок, бирөөнүн төбөсү тешик. Ал үч тамга кирсем, үч казан туруптур, экөөнүн түбү жок, бирөөнүн түбү тешик. Түбү жок казанга жаны жок балыкты салып, от жакпай бышырып жедим.

Кыргыз эл жомокторунан

Сырдуу сака

Илгери бир кедейдин баласы байдын баласы менен чүкө ойноп жатып, чүкөлөрүнүн баарын байдын баласына уттуруп жиберет. Жалгыз сакасын кармап алып ыйлап отурса, көз жашы сакасына төгүлөт. Ыйлап отуруп: «Менин да жүздөгөн коюм болсо эмне, чүкөлөрүмдү да уттурдум»,— деп кыялданып жатып уктап калат.

www.bizdin.kg

Эртең менен эрте ойгонуп, бала өз көзүнө өзү ишенбейт. Тегерете койлор жуушап жатат. Койлорду үйүнө айдап барып, ата-энесине баарын айтып берет. Чүкөсүн уттурган байдын баласына да айтып берет.

Байдын баласы атасына болгонун айтат. Ошондо сырдын баары сакада экенин билип, дагы байыгысы келет да: «Тиги жолдош баландын чүкөсүн бүт чүкөндү берсең да, бир койго сатып алсаң да алып кел»,— дейт. Эртеси бала бүт чүкөсүн бир сакага алмашып, атасына алып келип берет. Аны бай менен баласы экөө тең таң атканча тирмийип тиктеп отуруп, таңга жуук уктап кетет. Эртең менен турса бүт малы кырылып калган болот. Ачуусу келген бай саканы отко ыргытат. Жалындаган оттон он эки айры мүйүздүү бугу чыгып, токойго кирип кетиптир.

Карышкыр менен түлкү

Түлкү тамак издеп талаада келе жатты. Алдынан эч нерсе чыкпады. Акыры жолдон аппак куйрукту көрөт. Ошондо түлкүнүн кубанычы койнуна батпайт. Эки жагын элендеп каранды. Эч ким жок экен. «Эми куйрукту жалгыз жеймин»,- деп кубанды. Аны сугунмак болуп «лып» токтоду. «Адам менден да куу эмеспи, кантип эле куйрукту жолго таштасын? Же көчүп бара жатып түшүрүп алдыбы? Оңой менен түшүрбөс, жакшылап карайынчы»,— деп астын караса, чын эле капкан көрүндү.

Аңгыча карышкыр келе жатыптыр.

—Түлкү досум, ачкадан өлгөнү жатам. Бирдемең барбы? — деп сурады.

— Абдан сонун келдиң. Эртеден бери майды аябай жеп, тиги куйрукту эмне кылсам деп карап турдум эле,— деди түлкү.

Карышкыр түлкүгө ыракмат айтып, куйрукка секиргенде капкан тумшугунан кыпчыды. Куйрук тетигинден ары ыргып кетти. Түлкү аны көтөрүп жолуна түштү. Карышкыр капканда калды.

Акылдуу бала

Илгери бир атагы чыккан ууру болгон экен. Анын жалгыз уулу бар эле. Ал чоңойгондо чакырып алып:

— Балам, мени сыйласаң, ууру бол, мындан бөлөк жакшы кесип жок, —деди.

— Ата, эгер мени адам кылам десең, уурулук кесипти үйрөтпө, андан көрө адал эмгек кылайын, — дейт баласы.

Ууру атасы буга аябай ачууланды:

—Атанын жолун жолдобойт деген эмне?.. Атанын тилин албайт имиш!.. Менин сөзүм эки болбойт, айтканымдан кайтпаймын. Бүгүн түнү төмөнкү айылдагы Жоошбайдын кызыл өгүзүн уурдап кел, уурдабасаң көзүмө көрүнбөй ошондон ары жогол!

Бала «макул» деп үйдөн чыгып, кызыл өгүздү күзгү эгинге деп сүйлөшүп, алып келди. Аны атасына айткан жок. «Балам өгүздү уурдап келди»,—

деп атасы кубанды. Өгүздү эч кимге көргөзбөй оюп алышты.

— Ата бул этти жегенден мурун таразага түшөлү, эт бүткөндө кимибиз канча семирет экенбиз, көрөлү, — деди.

Экөө таразага түштү. Арадан эки ай өтүп эт түгөндү. Экөө таразага дагы түштү. Атасы мурункудан эки кадак арыктап калыптыр. Ал эми, баласы болсо беш-алты кадак семирип калган. Ошондо баласы:

— Сиз эт жеп жатканда, уурулугум ачылып калбагай эле деп, коргуп жепсиз. А мен өгүздү сатып келгем, ошондуктан корккон жокмун, жегеним аш болду. Ар ким өз эмгеги менен гана семире алат, — деди.

Ошондо атасы баласына:

— Уурулук эң жаман иш турбайбы, сен бул бузук жолго түшпөй, түзүк жолго түшкөнүң жакшы болуптур, — деп баласына алкыш айтты.

Бир шиңгил аңгемелер

Мектепте балдар тартиби

Абыл окуган мектепте тартип жок эле. Сабак маалында балдар тарсылдап ойной берүүчү. Балдар бирин-бири сөз менен сөгүшүүдөн да кайтуучу эмес.

— Балдар, мектепте тартипти өзүңөр түзөгүлө эми, — деп бир күнү мугалим айтты.

www.bizdin.kg

Балдар тартип түзөмөк болушуп, өз ара жыйын кылышты. Жыйынды алып баруу үчүн, жыйын башчысы кылып Абылды шайлашты. Абыл сөз сүйлөй турган балдарга кезек менен сөз берип турду. Балдардын бир катары сүйлөп бүткөн соң, Абыл кол көтөрүүгө салды. Кол көтөргөн жак көпчүлүк болгон соң, мындай токтом чыкты:

— Кимде-ким сабак убактысында чуулдап, тынчтыкты кетирсе, жаман сөз менен бирөөнү бирөө сөксө, ошо баланы жолдошубуз деп санабайбыз, ал бала менен бирге ойнобойбуз.

Бул токтомдон кийин мектепте окуу жакшы жүрдү. Мектеп тартибин балдар өзү гана түзөй алат.

К. Тыныстанов

Ууру

Шакирттер арасынан маки уурдалды. Макини ким уурдаганы белгисиз болду. Маки уурдалганы мугалимге угулду. Мугалим абдан капа болуп, балдарга айтты:

— Артыкча мектеп баласынан ууру чыккан жакшы эмес. Мектеп ууру бала чыгарбайт. Өнөрлүү бала чыгарат. Бу ууруну табуу керек. Өз арандардан үч баланы комиссия кылып шайлагыла. Менин ууру таба турган мышыгым бар. Азыр алып келемин.

Балдар комиссияга башчы кылып, Абылды шайлады. Мугалим менен комиссия болгон балдар окуучулардын баарын жыланаяктап, катар тизди. Мугалим мышыгын алып келип, балдарга айтты:

— Азыр баарың көзүндү жум. Мына бул мышык макини уурдаган баланын балтырына жабышат.

Балдар көздөрүн жумушту.

—Ал жабышты! — деп Абыл кыйкырды. Макини уурдаган бала бакырып отура калды.

Бул макини уурдаган бала Жаңыбай деген бала экен. Балдардын баары:

— Уят! Уят! Ыза! Кордук! Кордук! — деп чуулдашты. Жаңыбай кыпкызыл болуп, уялганынан ыйлап жиберди.

Мугалим Жаңыбайды теңтуштарынын алдына түшүрдү. Мындан кийин мектептен түк уурунун шеги билинген жок.

К. Тыныстанов

Чоң атанын «зоопаркы»

Мирлан шаарда туулуп — өстү. Жетиге жашы келип, мектепке барганча айылда болгон жок. Уулун айылга чоң ата, чоң энесине алып барбаганына Сабыр да кейип жүрдү. Быйыл гана мүмкүнчүлүк тапты, бирок төрт-беш гана күн туруп, кайра тартышты.

Сабыр шаарга келери менен досторун, айылдаштарын үйүнө чакырды. Чогуу тамактанып, сүйлөшүп олтурганда, бирөө Мирландан:

— Мирлан, шаар жакшы бекен, же айылбы? — деп сурап калды.

А Мирлан ойлонбой туруп эле:

— Айыл жакшы экен,— деди.

— Айылдан эмне жакты? — деди атасынын жанагы досу.

— Чоң атамдын зоопаркы...

www.bizdin.kg

— Зоопарк?.. — тиги киши анын сөзүнө түшүнө алган жок.

— Ооба, - деди Мирлан сөзүн улап, — айылда чоң атамдын зоопаркы бар экен. Анда эшек... Ат... Кой... Эчки... Уй...

Отургандар күлүп эле жатып калышты. Мирлан унчукпай атасы Сабырды карады. Алардын неге мынчалык күлүп жатышканын түшүнө албады. А Сабыр эмне дээрин билбей, сынып отуруп калды.

С. Рысбаев

Ыр дүйнө

Наристеге

Таза суудай калыс бол,
Арамдыктан алыс бол.
Жапыз болбой, бийик бол,
Эл-журтуна ийик бол.

Көрө-көрө көсөм бол,
Сүйлөй-сүйлөй чечен бол.
Агып-агып өзөн бол,
Айланайын, эсен бол.

С. Эралиев

Кимдин уулу болду экен?

Колу-буту кирдебейт,
Кеп сурасаң сүрдөбөйт.
Төгүп-чачпай тамакты,
Тартип менен ичип жейт

Али окууга бара элек,
«Алиппени» билет дейт.
Апасына ар дайым,
Жардамдашып жүрөт дейт.

Көчө жарып бакырбайт,
Көрүнгөндү чакырбайт.
Топуракка оонабайт,
Тентектикти ойлобойт.

Ушул биздин көчөдөн
Жолуктурам аны мен,
Таза жүргөн адептүү,
Кимдин уулу болду экен?

Н. Жундубаева

Окуп, жаттап алалы

Кандай балага ким жолдош?

«1»

Мен боломун «1» деген,
Өңкөй сабак билбеген,
Тентек балдар жолдошум,
Бирин-бири тилдеген.

«2»

«Ким» деп мени сурасаң,
«2» деген боломун.
Сабак билбес жалкоонун,
Дептерине кономун.

«3»

Үтүрөйүп дайыма,
Кабагымды ачпаймын.
Тың окуган балдарга,
Жолдош болуп баспаймын.

«4»

Китеп менен дос болгон,
Мени менен дос болот.
Билгендери көбөйүп,
Билбегени жок болот.

«5»

Мен боломун «5» деген,
Жолум дайым кепкенен.
Мени ээрчиген балага,
Бийиктик жок жетпеген.

Э. Тазабеков

Жоголгон улактар

Болот абдан так эле,
Болот абдан сак эле.
Өзү багып чоңойткон,
Үч улагы бар эле.

Бирок Болот бир жолу
Улактарын карабай,
Уктап, уктап калыптыр,
Уят болду аябай.

Үч улактан башкасын,
Бүт жоготуп алыптыр.
Кана, балдар, Болоттун
Канча улагы калыптыр?

А. Рыскулов

www.bizdin.kg

Санын чабат...

Сексендеги чоң эне,
Колуна алып темене,
Саптай албай учукту,
Убара тартты эң эле.

Карап турган Жакшылык
Кары энени «жактырып»
Саптап берүү ордуна,
Санын чабат каткырып.

Ай, эселек небере,
Албайм сени жемеге.
Көп күлгөндү кой дагы,
Көрсөт көмөк энеге!

Б. Асаналиев

Күлкүлүү экен, окуйлу

Балыктар неге сүйлөбөйт?

— Ата, — деп айтты Болот, — мен балыктар эмне үчүн дудук болушарын билдим.

— А эмне үчүн?

— Сиз башыңызды сууга салып туруп, эки-үч сөздү айтып көрүңүзчү...

Каякта?

Атасы баласынан сураптыр:

—Балам, атка чөп салдыңбы?

—Салдым.

—Сугардыңбы?

—Ооба, сугардым...

— Анда токучу. Мен бир жакка минип барайын...

Жалганы чыккан баласы, ошондо минтет:

—Ата, ат каякта эле?

www.bizdin.kg

Оорубайт

— Мурат, балка менен ойнобо. Колуңду чаап аласың? — деп эскертет атасы.

Анда баласы минтет:

—Меники оорубайт, ата. Мен чапканда, мыкты Айша кармап турат.

Жирафтын моюну

Зоопаркта кичинекей бала досунан минтип сурайт:

— Сен билесиңби, жирафтын моюну мынча неге узун?

—Билсең айтчы...

— Көрүп турбайсыңбы жирафтын башы өзүнүн денесинен аябай алыста турбайбы. Ага ошол үчүн үч метрдей моюн керек да...

Аквариумдагы суу

Апасы Асандан сурады:

— Асан, аквариумга жаңы суу куйдуңбу?

Анда Асан мындай дептир:

—Жок, апа, балыктар мурдагы сууну ичип түгөтө элек экен...

Тап, тап, табышмак

Топтоголок бою бар,
Кабат-кабат тону бар.
Чечип жатсам көйнөгүн,
Ыйлап иет көздөрүм.
(п..з)

Бири — ак, бири — көгүштөн,
Тынчтыктын символу —
Кайсы куш? Билсең—.....
(к.....н)

Суу ичпейт, жем жебейт,
Каалашыңча минесиң.
Чарчабайт да, тердебейт.
(в.....д)

Табиятта укмуш көп,
Бу да ошонун дал өзү.
Күндүз көрбөй, түнкүсүн
Көрөт экен ал өзү.
(ү.ү)

Өзү кардай,
Даамы балдай.
Тишке жумшак,
Бирок муздак.
(б.....к)

Бышырса — аш болот,
Бышырбаса — куш болот.
(ж.....а)

Эшигин жаппай эч качан,
Элейип дабыш тыңшаган.
(к...к)

www.bizdin.kg

Окуу китеби

Рысбаев Сулайман Казыбай уулу

Алиппе

Орто мектептердин 1-классы үчүн окуу китеби

Толукталып, 6-басылышы

Редактору *Рапия Сакелова*

Сүрөтчүсү *Зарема Мидинова*

Техн. редактору *Малика Курбанбаева*

Форматы 70x108 1/16.
Офсет кагазы № 1. 10,0 физ. басма табак, 14,0 шарттуу басма табак.
Нускасы 5000. Заказ № 10. Келишим баа.
"Полиграфбум ресурсы"
жоопкерчилиги чектелген коомдун типографиясында басылды

Дареги: 720011, Бишкек шаары, Суюмбаев көчөсү, № 144/23

www.bizdin.kg